РОССИЯ ФЕДЕРАЦИЯСЫНЫН БИРИНЧИ ПРЕЗИДЕНТИ
Б.Н. ЕЛЬЦИН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ-РОССИЯ СЛАВЯН
УНИВЕРСИТЕТИ ЖОГОРКУ КЕСИПТИК БИЛИМДИН
МАМЛЕКЕТТИК БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКЕМЕСИ

ЮРИДИКАЛЫК ФАКУЛЬТЕТИ

Кылмыш-жаза процессуалдык
жана криминалистика кафедрасы

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИНИН КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ

**К.К. Кекиев, Т.Т. Шамурзаев**

# МЕН ЖАНА
# КЫЛМЫШ-ЖАЗА МЫЙЗАМЫ

**Орто жана атайын-орто окуу жайлары
үчүн окуу куралы**

*Россия Федерациясынын
Биринчи Президенти Б.Н. Ельцин атындагы
Кыргыз-Россия Славян университетинин
30-жылдыгына арналат*

Бишкек 2023

УОК 343.21(07)
КБК 67.408
К 33

**Рецензенттер:**

*Б.И. Борубашов* – Кыргыз Республикасынын Президентинин кеңешчиси, Кыргыз улуттук илимдер Академиясынын мүчө-корреспонденти, Кыргыз Республикасынын эмгек сиңерген юристи, юридика илиминин доктору, профессор,
*Б.Г. Тугельбаева* – Россия Федерациясынын биринчи Президенти Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин юридикалык факультетинин деканы, юридика илиминин доктору, профессор,
*Н.О. Адылова* – Кыргыз Республикасынын ИИМдин коомдук коопсуздук кызматынын балдар иштери боюнча болумдун башчысы, милициянын полковниги

Басып чыгарганга КРСУнун, Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин Кыргыз билим берүү академиясынын окумуштуулар кеңештери тарабынан окуу куралы жактырылып колдонууга сунушталган

**Кекиев К.К., Шамурзаев Т.Т.**
К 33 МЕН ЖАНА КЫЛМЫШ-ЖАЗА МЫЙЗАМЫ: окуу куралы. – Бишкек: КРСУ басмасы, 2023. – 126 б.

ISBN 978-9967-19-968-2

Бул окуу куралында Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынан балдарга тиешелүү болгон укуктук нормалар сунушталды. Андан башка балдардын жашоодогу курактык мүнөздүү ар түрдүү укук бузган учурлары каралган. Балдар, жаш курагында түшүнбөстүктөрдөн, маанибербестиктен кылмыш жасап, тилекке каршы кайгылуу жыйынтыктарга алып келген учурлары окуу куралында өзгөчө көнүл бурулган. Балдар арасындагы кылмыштуулук менен байланышкан проблемалар тууралуу окуу куралдын авторлору, натыйжасы жаман каталыктар балдар тарабынан жасалбашы үчүн, жана ушул китепте айтылган каармандардын жаңылыштыктарынан туура таалим алып, тыянак чыгарыш үчүн алгылыктуу аракеттерди жазышкан. Өзүнүн кезегинде бул окуу куралы, окуучулар үчүн укуктук билимдерин толуктаганга, турмушта кадам сайын жолугуп калуучу көп азаптуу кыйынчылыктардан оолак болушуна жана мугалимдер, ата-энелер үчүн балдардын арасында жат көрүнүштөрдүн алдын алуу боюнча тарбиялык иш-чараларды өткөрүүдө жардам берет.

Бул окуу куралы жогорку класстардагы орто, атайын-орто окуу жайларынын окуучулары жана ата-энелери, мугалимдери үчүн арналат.

УОК 343.21 (07)
КБК 67.408
© ЖКБМБМ КРСУ, 2023
ISBN 978-9967-19-968-2
© Кекиев К.К., Шамурзаев Т.Т., 2023

# МАЗМУНУ

УРМАТТУУ ОКУРМАН! ........ 7
1. ГЛАВА. Эмне үчүн кылмыш-жаза, жана укук бузуулар жөнүндө кодекстерди билүү керек ........ 9
2. ГЛАВА. Укук бузуу деген эмне ........ 16
3. ГЛАВА. Кылмыш деген эмне ........ 22
4. ГЛАВА. Балдардын жоопкерчилиги ........ 28
5. ГЛАВА. 14 жаштан баштап жоопкерчиликке кириптер кылына турган кылмыштар ........ 54
КОРУТУНДУ ........ 66
АДАБИЯТ ........ 67

ВВЕДЕНИЕ ........ 68
ГЛАВА 1. Для чего нужно знать Уголовный кодекс и Кодекс о правонарушениях ........ 70
ГЛАВА 2. Что такое правонарушение? ........ 76
ГЛАВА 3. Что такое преступление? ........ 82
ГЛАВА 4. Ответственность детей ........ 87
ГЛАВА 5. Составы преступлений, по которым ответственность наступает с 14 лет ........ 112
ЗАКЛЮЧЕНИЕ ........ 123
ЛИТЕРАТУРА ........ 124

ГОСУДАРСТВЕННОЕ ОБРАЗОВАТЕЛЬНОЕ УЧРЕЖДЕНИЕ
ВЫСШЕГО ПРОФЕССИОНАЛЬНОГО ОБРАЗОВАНИЯ
КЫРГЫЗСКО-РОССИЙСКИЙ СЛАВЯНСКИЙ УНИВЕРСИТЕТ
имени первого Президента Российской Федерации Б.Н. Ельцина

ЮРИДИЧЕСКИЙ ФАКУЛЬТЕТ

Кафедра уголовного процесса и криминалистики

КЫРГЫЗСКАЯ АКАДЕМИЯ ОБРАЗОВАНИЯ МИНИСТЕРСТВА
ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**К.К. Кекиев, Т.Т. Шамурзаев**

# Я И УГОЛОВНЫЙ ЗАКОН

**Учебное пособие для средних
и средне-специальных
образовательных организации**

*Посвящается 30-летию
Кыргызско-Российского Славянского
университета имени Б.Н. Ельцина*

Бишкек 2023

УДК 343.21(07)
ББК 67.408
К 33

**Рецензенты:**

*Б.И. Борубашов*, д-р юрид. наук, профессор КРСУ им. Б.Н. Ельцина, чл.-корр. НАН КР, советник Президента Кыргызской Республики, заслуж. юрист Кыргызской Республики,
*Б.Г. Тугельбаева*, д-р юрид. наук, профессор, декан юридического факультета КРСУ им. Б.Н. Ельцина,
*Н.О. Адылова*, начальник отдела по делам детей Службы общественной безопасности МВД КР, полковник милиции

Рекомендовано к изданию Ученым советом ГОУВПО КРСУ им. Б.Н. Ельцина, одобрено и рекомендовано к использованию Ученым советом Кыргызской академии образования Министерства образования и науки Кыргызской Республики

**Кекиев К.К., Шамурзаев Т.Т.**
К 33 Я И УГОЛОВНЫЙ ЗАКОН: учебное пособие. – Бишкек: Изд-во КРСУ, 2023. – 56 с.

ISBN 978-9967-19-968-2

В учебном пособии представлен теоретический и практический материал для повышения правовой грамотности детей старшего школьного возраста в сфере предупреждения правонарушающего поведения. Представлен анализ действующего уголовного законодательства, на конкретных примерах из реальной жизни рассмотрены часто совершаемые детьми правонарушения, даны комментарии, содержащие компетентное разъяснение последствий указанных правонарушений, которые могут иметь трагический характер для детей, так как в силу их возрастных особенностей они не могут в полной мере осознавать последствия содеянного и полноту ответственности.

Учебное пособие также позволит родителям и учителям средних и средне-специальных образовательных организаций восполнить знания по воспитанию обучающихся и профилактике их противоправного поведения.

Предназначено для детей старшего школьного возраста, родителей и учителей средних и средне-специальных образовательных организаций.

УДК 343.21 (07)
ББК 67.408

ISBN 978-9967-19-968-2
© ГОУВПО КРСУ, 2023
© Кекиев К.К., Шамурзаев Т.Т., 2023

# СОДЕРЖАНИЕ

УРМАТТУУ ОКУРМАН!....................................................................7
1. ГЛАВА. Эмне үчүн кылмыш-жаза, жана укук бузуулар
жөнүндө кодекстерди билүү керек....................................9
2. ГЛАВА. Укук бузуу деген эмне....................................................16
3. ГЛАВА. Кылмыш деген эмне........................................................22
4. ГЛАВА. Балдардын жоопкерчилиги ..............................................28
5. ГЛАВА. 14 жаштан баштап жоопкерчиликке кириптер
кылына турган кылмыштар...........................................54
КОРУТУНДУ.....................................................................................66
АДАБИЯТ ........................................................................................67

ВВЕДЕНИЕ.......................................................................................68
ГЛАВА 1. Для чего нужно знать уголовный кодекс
и кодекс о правонарушениях ...........................................70
ГЛАВА 2. Что такое правонарушение?.........................................76
ГЛАВА 3. Что такое преступление?..............................................82
ГЛАВА 4. Ответственность детей ................................................87
ГЛАВА 5. Составы преступлений, по которым
ответственность наступает с 14 лет.............................112
ЗАКЛЮЧЕНИЕ ...............................................................................123
ЛИТЕРАТУРА.................................................................................124

# УРМАТТУУ ОКУРМАН!

Автордук жаамат жогорку класстагы мектеп окуучулары үчүн окуу куралы “Мен жана Кылмыш-жаза кодекси” тууралуу төмөнкүлөрдү билдирет: бул окуу куралы 2002-жылы 1500 тираж менен жарык көргөн, бирок көптөгөн окурмандардын жана билим берүү окуу жайларынын мугалимдеринин арасында чоң кызыгууну жаратып, аз эмес сандагы каалоочуларга жетпей калган. Ошол себептен, көпчүлүк мугалимдер ушул окуу куралы алар үчүн класстык сааттарды өткөрүүдө абдан керек болуп жатканы жөнүндө автордук жааматка кайрылышкан.

Ушундай керектөө муктаждыктарды, ошондой эле 2021-жылдын 11-апрелинде Референдумда кабыл алынган Кыргыз Респуликасынын жаңы Конституциясынын 2021-жылдын май айынын бешинен тартып жана көптөгөн жаңы кодекстердин (*Кылмыш-жаза кодекси, Кылмыш-жаза-процессуалдык кодекси, Укук бузуулар жөнүндө кодекси*) 2021 жылдын биринчи декабрынан тартып күчүно киргизилгендиктерине, жана ошондой эле Кылмыш-аткаруу кодексине, Пробация жөнүндөгү мыйзамга киргизилген өзгөртүү жана толуктоолорду эске алуу менен автордук жаамат жогорудагы окуу куралын жаңыча “Мен жана Кылмыш мыйзамы” деп атап кайрадан иштеп чыкты.

Ардактуу досум! Сен эми жогорку класстын окуучусусуң. Сени бардыгы бойго жетти деп эсептешет. Жыл өткөн сайын сен өсүп жана өзгөрүп гана тим болбостон, ошондой эле сенин укуктарың да кеңейип, милдеттериң жогорулап жатат, эгер сен аларды билбесең, өтө жагымсыз, ал түгүл андан да начар, кайгылуу абалга дуушар болушуң мүмкүн. Көпчүлүк укук бузуулар балдар тарабынан мыйзамдык жоопкерчиликтерди билбестигинен болуп

жаткандыгын дагы практика көрсөтүп жатат. Алар оор кырдаалга туш келип калаары тууралуу ойлонбой жатышат.

Андай болбос үчүн ушул кичинекей китепчени кунт коюп окуп чык, анда сен үчүн өтө кызыктуу жана пайдалуу көп маалыматтар бар. Эң башкысы – бул китепти окуп чыккандан кийин өзүнчө тыянак жасап, азыркы татаал турмушта кадам сайын жолугуп калуучу көп азаптуу кыйынчылыктардан оолак болуш үчүн ушул китепте айтылган каармандардын жаңылыштыктарынан туура таалим ал.

**Автордук жаамат**

# 1. ГЛАВА

## ЭМНЕ ҮЧҮН КЫЛМЫШ-ЖАЗА ЖАНА УКУК БУЗУУЛАР ЖӨНҮНДӨ КОДЕКСТЕРДИ БИЛҮҮ КЕРЕК

Бир жолу Петя жана Болот деген эки дос кылаарга иш таппай, короодо каңгырап басып жүрүшкөн, капыстан Петянын башына бир ой келип, ал: “Болот! Жүрү паркка барып бирөө-жарымды коркутуп келели!” – деп Болотко сунуш кылат. Алар паркка келип, кумдун үстүндө ойноп отурган эки жаш балага барып, алардын чөнтөгүн аңтарышат. Чөнтөктөн эмне гана чыккан жок: сагыз, чүкө, дат баскан мык, бир нече бырышкан сом, сынган калем, дагы толгон-токой майда-барат нерселер чыкты. Болот акчаны алып, калган буюмдарды ыргытып жиберди да, Петяга: “Эмне сатып алалы? Тамеки алалыбы же колабы?”,



Рисунок 1

Петя дос көп ойлонуп отурбай, тамеки алалы деп чечти да, алар жакынкы дүкөнгө барышып, ал жерден тамеки алып

паркка кайра келишти. Ал эми кичинекей балдар ыйлаган боюнча качып кетишти, эки дос шашпай тамекиден соруп, анын сапаты жөнүндө сүйлөшүп отурушту.

*Маалымат: дүкөнчүнүн балдарга тамеки сатканга укугу жок болчу. Аткени* ***"Кыргыз Республикасынын жарандарынын ден соолугун тамекини, никотинди керектөөнүн кесепеттеринен жана айланадагы тамеки түтүнүнүн жана аэрозолдун таасиринен коргоо жөнүндө" мыйзамынын*** *(2021-жылдын 15-сентябры № 121)* ***19-беренеси боюнча*** *Кыргыз Республикасынын аймагында тамеки заттарын, (анын ичинде электрондук сигареталарды) жана аларга эритмелерди, ысытылуучу тамеки заттарын, тамекини ысытуучу системаларды жана башка тамеки чегүүгө таандык шаймандарды он сегиз жаш курагына чыга элек адамдарга сатууга жана ал адамдардын сатуусуна тыю салынган. Сатуучу сатып алуучунун жаш курагынан шек санаган учурда, алардын ким экендигин ырастоочу документтерин көрсөтүүнү талап кылууга милдеттүү, ошондой эле алар өздөрүнүн ким экендигин ырастоочу документтерин көрсөтпөгөн учурда, сатуудан баш тартууга тийиш.*

*Ал эми* ***КР Укук бузуулар кодексинин 85-беренеси боюнча ( Тамеки заттарын сатуу жана жүгүртүү тартибин бузуу)*** *балдарга тамеки заттарын сатуу – жеке жактарга 55 эсептик көрсөткүч, юридикалык жактарга 170 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып пул салууга алып келет. Ушул эле кодекстин 83-беренеси боюнча белгиленбеген жерлерде тамеки заттарын тартуу, –жеке жактарга 10 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып пул салууга алып келет.*

Мына ушул жерден аларды милиция кызматкерлери кармап кетти. Милициянын бөлүмүндө алардын ата-энелеринин катышуусунда документтерди толтурууда,

сурактын протоколунун жөнөкөй тили менен айтканда, алар кадимки киши тоноо кылмышын жасагандыгы, ал үчүн белгилүү мөөнөткө кылмыш жоопкерчилигине тартыла тургандыгы белгилүү болду. Адегенде алабармандаган Петя мындай ишти ал мурда деле бир нече жолу жасагандыгын, бирок эч кандай жаза тартпагандыгын да айтып жиберди.



Рисунок 2

Тергөөчү тоноо бул өмүр үчүн коркунуч келтирбесе да зомбулук менен байланышкан бирөөнүн мүлкүн ачык эле алып алуу, бул үчүн 14 жаштан тартып кылмыш жоопкерчилигине тартыла тургандыгын түшүндүрүп берди. Ошентип, бул эки бала бул курактан өтүп кетишкендиктен, эми алар сот жообуна тартылуулуры тийиш. Болот мындай жаза тартаарын билбегендигин айтканда, ага жооп кылып тергөөчү: “Мыйзамды билбей калуу жоопкерчиликтен бошотпойт”, – деп түшүндүрдү.

Ал эми сен, урматтуу окурман, кылмыш жоопкерчилиги жана мыйзамдар жөнүндө бир нерсе билесиңби? Билбейсиңби? Бирок сен аны билүү керек экендигин

түшүндүң го? Сага коюлган “Эмне үчүн мыйзамды билбей калуу жоопкерчиликтен бошотпойт” деген суроого дароо жооп бар. Кандайдыр бир жаман иш жасап жатып аны түшүнүп турганың менен ал үчүн жаза бар же жок экендигин билбейсиң. Айрым учурда обу жок тамашалоонун кылмыштан айырмасы эмне экендигин да ажыратуу кыйын. Ошондуктан ар бир бала жаман жосун укук бузуудан же кылмыштан эмне менен айырмалана тургандыгын таасын түшүнүп, ошондой эле кандай аракеттер үчүн түрмөгө түшүп, кандай айып пул төлөп, эмнелер үчүн ата-энең жоопкерчиликке тартылышы мүмкүн экендигин так билүүгө тийиш. Албетте, мунун бардыгы жагымсыз нерсе.

Мыйзамдар көп, алардын көпчүлүгү атайын кодекс катары чыгарылган. **Кодекс** – бул коомдук мамилелердин кайсы бир жагын жөнгө салган мыйзамдар менен нормалардын жыйындысы.

**Кыргыз Республикасынын балдар жөнүндө кодекси (2012-жылдын 10-июль № 100)** бар. Бул кодекс республикабыздын аймагында турган, ошондой эле турмуштук оор кырдаалда турган балдарды коргоону камсыз кылууну кошуп алганда, Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жерлерде жүргөн Кыргыз Республикасынын жарандарынын-балдарынын укуктарын жана таламдарын коргоо чөйрөсүндөгү мамилелерди жөнгө салат.

**Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодекси бар (КР УБК) (2021-жыл 28-октябрь № 128).** Бул кодексте Белгиленбеген жерлерге таштандыларды таштоо, өрттөө (115-берене), Суу чарба курулмаларын зыянга учуратуу (116-берене), Жүргүнчү ташуучу лифтти пайдалануу эрежелерин бузуу (122-берене), Майда бейбаштык (126-берене), Баңгизат каражаттарын же психотроптук заттарды медициналык көрсөтмөлөрү жок колдонуу, коомдук жайларда спирт ичимдиктерин ичүү (127-

берене), Ички иштер органдарынын кызматкеринин мыйзамдуу талабына баш ийбөө (128-берене) жана башка көптөгөн беренелер камтылган. Эгерде укук бузуулар (жосундар) Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексине ылайык жоопкерчиликке алып келбесе, КР УБК каралган укук бузуулар үчүн жоопкерчилик келип чыгат. Он алты жаш курагына толгон жеке жактар укук бузууларды жасагандыгы үчүн жоопкерчиликке тартылууга тийиш. Алкоголду, баңгизат, психотроптук каражаттарды же башка маң заттарын колдонуунун кесепетинен же көңүл коюуну жана реакциянын ылдамдыгын төмөндөтүүчү медициналык дары-дармектердин таасиринен улам мас абалдагы адамдын укук бузууларды жасагандыгы, аны ушул Кодекс боюнча жоопкерчиликтен бошотпойт. Жеке жактар деп Кыргыз Республикасынын жараны, чет өлкөлүк жаран, жарандыгы жок адамдар түшүнүлөт (15-берене). Эгерде укук бузуу жасаган жак өзүнүн аракетинин (аракетсиздигинин) укукка каршы мүнөзүн аңдап билсе, анын зыяндуу кесепеттерин алдын ала көрө билсе жана алардын келип чыгышын каалаbooса же түшүнүп туруп жол берсе, же болбосо ага көңүл кош мамиле кылса укук бузуу атайын жасалды деп таанылат. Эгерде укук бузуу жасаган жак өзүнүн аракетинин (аракетсиздигинин) зыяндуу кесепеттеринин келип чыгуу мүмкүнчүлүгүн алдын ала көрө билсе, мындай кесепеттердин алдын алууга текебердик менен ишенсе, же болбосо мындай кесепеттердин келип чыгышын билүүгө тийиш болуп жана билиши мүмкүн болуп туруп, аларды алдын ала көрө билбесе, укук бузуу этиятсыздыктан жасалды деп таанылат( 18-берене).

**Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси (К-ЖК) (2021-жылдын 28-октябры № 127)** инсандын укуктарын жана эркиндиктерин, менчикти, коомдук тартипти, коомду, мамлекетти, айлана-чөйрөнү, Кыргыз

Республикасынын конституциялык түзүлүшүн кылмыштуу кол салуулардан коргоо, адамзаттын тынчтыгын жана коопсуздугун камсыз кылуу, кылмыштардын алдын алуу жана кылмыштан бузулган адилеттүүлүктү калыбына келтирүүлөр каралган. Ошондой эле кылмыш-жаза жоопкерчилигинин принциптерин, кылмыш-жаза жоопкерчилигинин негиздери, кылмыштын жалпы түшүнүгүнүн белгилери, коомго коркунучтуу жосундардын чөйрөсү, кылмыш жасаган адамдарга карата колдонулуучу жазалардын түрлөрү жана кылмыш-жаза-укуктук мүнөздөгү башка чараларды аныктоо каралган.

**Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодекси (К-ЖПК) (2021-жылдын 28-октябры № 129)** кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн милдеттерин инсанды, коомду жана мамлекетти кылмыштардан коргоо, инсанды мыйзамсыз жана негизсиз айыптоодон, соттоодон, анын укуктарын жана эркиндиктерин чектөөдөн коргоо, кылмыштарды тез жана толук териштирүү, кылмыш жасаган жактарды ашкерелөө жана кылмыш жоопкерчилигине тартуу, адилеттүү соттук териштирүү жана кылмыш-жаза мыйзамын туура колдонуу, мыйзамсыз айыпталган же соттолгон учурларда күнөөсүздү токтоосуз жана толук реабилитациялоо, материалдык залалдын жана моралдык зыяндын ордун толтурууну камсыз кылууну камтыйт.

**Кыргыз Республикасынын Жаза-аткаруу кодекси бар (Ж-АК) ( 2017-жыл 31-январь № 17).** Бул кодексте жазаларды, кылмыш-жаза укуктук таасир көрсөтүүнүн мажбурлоо чараларын аткаруу жана өтөө тартиби, шарттары белгиленген.

**Кыргыз Республикасынын Граждандык кодекси бар (ГК) (1996-жыл 8-май № 15)**, мында жарандардын

ортосундагы мүлктүк (мүлктү сатуу, тартуу кылуу, мурастоо ж. б.) жана мүлктүк эмес (жеке жана үй-бүлөлүк сыр, абийир жана ар-намыс, бедел, автордук укук ж.б.) мамилелер айтылган.

**Кыргыз республикасынын Үйбүлө кодекси бар (УБК) (2003-жыл 30-август № 201)**, анда жарандар кантип үйлөнүп жана ажырашып, балдарды кантип асырап алып жана ата-энелик укугунан кантип ажыратыла тургандыгы айтылган жана башка жагдайлар белгиленген.

**Кыргыз республикасынын Эмгек кодекси бар (ЭК) (2004-жыл 4-август № 106)**, анда адамдардын эмгектенүүгө укугу, иштен бошотуунун, эмгек тартибин сактоонун жана эмгекти коргоо тартиби ж. б. мамилелер жөнгө салынат.

Турак жай жана бажы, салык жана экологиялык, жер, бюджеттик ж. б. кодекстери бар.

Бардык кодекстер ар бир өлкөнүн **эң башкы мыйзамына – Конституциясына** – негизделүүгө тийиш. Эгерде алар кайсы-бир жерлеринин бири-бирине карама-каршы келсе, анда Конституцияда жазылгандай аткаруу керек, анткени мамлекеттин Негизги мыйзамы жогорку юридикалык күчкө ээ. Кыргыз Республикасынын бардык мыйзамдары жөнүндө сен укук таануу сабагынан билип аласың, бул "Мен жана Кылмыш мыйзамы" деген китептин максаты сага кылмыш-жаза мыйзамынын кээ бир аспекттерин жакшы өздөштүрүүгө, өз өлкөңдүн мыйзамын сыйлаган, ак ниет жана жоопкерчиликтүү жараны болуп өсүшүң үчүн эмнелерди жасоо керек экендигин түшүнүүгө жардам берүү болуп саналат.

# 2. ГЛАВА

## УКУК БУЗУУ ДЕГЕН ЭМНЕ

Эң оболу укук бузуу деген эмне экендигин териштирип алалы. **Бул – мыйзам чегинде жоопкерчиликке кириптер кылына турган укукка каршы жасалган жосун (атайын же кокустан) аракеттер же аракетсиздик.**

Демек, укук бузуу аракет жасоодон же аракетсиздиктен да көрүнөт. Бул кандайдыр бир мыйзамды бузуу үчүн туура эмес иштерди жасоо же, тескерисинче, сөзсүз жасай турган жакшы нерсени жасабай коюу дегендик. Мисалы үчүн: аракет – көчөнү туура эмес жерден кесип өтүү (сен ал жерден өтпөшүң керек эле, бирок өттүң); аракетсиздик – коомдук транспортто акы төлөбөй жүрүү (жол акысын төлөшүң керек эле, бирок төлөгөн жоксуң).

**Аракет** деген эмне экендигин карап көрөлү. Бул адамдын кадимки эле активдүү жүрүш-турушу, ал түгүл анын кыймыл-аракети, ал түгүл үнү (мисалы, итти тукурган "фас" ("ал-ал") деген буйрук же кар көчкүсүнө себеп болгон ачуу кыйкырык жана башка ушу сыяктуулар.

**Аракетсиздик** – бул пассивдүү жүрүш-туруш, бирок аны жалаң эле кыймыл-аракетке байланышпаган деп карабоо керек. Мисалы, сууга чөгүп бараткан кишиге жардам берүү үчүн аны көздөй сүзүү керек болсо, куткаруучу кыймыл-аракетинин багытын өзгөртүп, жээкти көздөй сүзүп жөнөйт. Же башка бир мисал: айдоочу жолдон өтүп бараткан жөө кишини көрүп туруп, тормозго баскандын ордуна, шашып кетип газды басат. Мындай аракетсиздик залалы аракетке таптакыр карама-каршы келген аракеттен көрүнөт (айдоочу жасоочу нерсени жасаган эмес).

Ар бир укук бузуу атайын белгилерден турат. Алардын бири аракеттердин укукка карама-каршылыктуулугу. Демек,

бул кайсы-бир мыйзамдын нормасын бузуу дегендик. Мисалы, сен автобуста же маршрут таксисинде жол акысын төлөш керек экендигин билесиң. Эгер “коендой жашынып” жүрсөң дагы, айып төлөй тургандыгыңды да билесиң. Буга негиз болуп Бишкек шаардык кеңешинин токтому “Бишкек шаарында автомобилдик траспорт менен жүргүнчүлөрдү ташуунун уюштуруу эрежеси” болуп саналат. Демек, билетсиз жүргүнчүнүн укук бузушу Бишкек шаардык кеңештин токтомунун жол жүрүү үчүн милдеттүү түрдө акы төлөө жөнүндөгү норманын талабын бузууда турат.

Же мындай бир жагдайды карап көрөлү: Болот агасы Максат экөө башына шлем кийбей мотоцикл айдап жүрүшөт. Аларды милициянын патрульдук кызматынын инспектору токтотуп, Максатка иниси Болот экөө шлем кийбей жүргөндүгү үчүн айып салат.




Рисунок 3

Мында көнүл бура турган нерсе, Болот айып төлөбөйт. Эмне үчүн? Анткени жол кыймылынын эрежесине ылайык мотошлем кийип айдоо керек болгон мотоциклди агасы

Максат айдап барткан. Болот да мотоциклде шлемсиз бараткан, бирок ал жүргүнчү катары бараткан, анын коопсуздугу үчүн айдоочу жоопкерчилик тартат, анткени жоопкерчилик Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө кодекстин 182-berененин 6-бөлүгү боюнча айдоочулардын жана жүргүнчүлөрдүн коопсуздук курларын же мотошлемдерди пайдалануу эрежесин бузгандыгы үчүн айдоочунун жоопкерчилиги каралган. Ошентип, жагдай бирдей, бирок бир гана киши, болгондо да ушул кодексте каралган норманы бузган киши айдоочу Максат жаза тартты, ал 10 эсептик көрсөткүч өлчөмүндөгү айып пул болду (10x100=1000), башкача айтканда 1000 сом.

***Маалымат:*** *эсептик көрсөткүч – бул ар кандай төлөмдөрдүн (социалдык төлөм, компенсация, экономикалык санкция, штраф жана башка экономикалык көрсөткүтөр, эмгек акыны төлөөгө байланышпаган) өлчөмүн аныктоо үчүн КР Министрлер кабинети тарабынан сунушталып, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан мыйзам менен бекитилген нормативдик акчалай корсоткуч. Жогорку Кеңеш тарабынан биринчи январь 2006-жылы эсептик көрсөткүч 100(жуз) сом өлчөмүндө бекитилген.*

Укук бузуунун кийинки белгиси – **күнөөлүүлүк**. Ал сөзсүз күнөөнүн болушун – атайылап же кокустуктан жасаган күнөөнүн болушун карайт. Бул эмне? Адамдын Кылмыш-жаза жана Укук бузуулар кодексттеринде каралган, өзү жасап жаткан жосунга (аракет же аракетсиздик) жана анын укукка каршы кесепеттерине карата психикалык мамилеси күнөө болуп саналат. Ниеттенүү же абайлабоо күнөөнүн формалары болуп эсептелет. Атайылап жасалган күнөө – качан сен жасабаш керек экендигин билсең да, билип туруп күнөө жасайсың (мисалы, көчөнү туура эмес жерден кесип өтөсүң). Кокустан жасалган күнөө – сен эрежелерди бузууну каалабайсың, бирок аны жасайсың

(мисалы, топ ыргытуу менен сен кокустан коңшунун терезесин сындырып аласың). Бул учурда белгилүү өлчөмдө күнөө бар, анткени бөтөн бирөөнүн үйүн көздөй топ ырыгытып жатып, анын терезесине тийип сындырып алышың мүмкүн экендигин ойлонууга тийиш болчусуң. Бир эле жосунда күнөө бар да, жок да болуп калат. Мисалы, эгерде топту он алты жаштагы Болот ыргыткан болсо, анда анын күнөөсү бар, анткени ал эмне жасап жатканын билгенге жашы жеткен. Эгерде топту анын беш жаштагы иниси Азамат ыргытса, анда анын күнөөсү жок, анткени ал али кичинекей, өз аракеттерин башкара алганга, алдын ала көрө билгенге жашы жете элек.

Укук бузуунун акыркы белгиси – **жосундун жазага кириптер кылынышы**. Муну мындай деп түшүнсө болот, эгерде укук бузуп же кылмыш жасасаң ал үчүн жазалоонун келип чыгышы. Кылмыш үчүн жаза, кылмыш жасаганына күнөөлүү деп таанылган адамга карата соттун өкүмү боюнча колдонулуучу жаза-укуктук таасир этүүнүн мажбурлоочу чараларынын бири болуп саналат жана соттолгондун укуктарын жана эркиндигин чектөөнү жана ага карата белгилүү бир милдеттерди жүктөөнү билдирет. Адамды жазалоонун максаты болуп күнөөлүүнү түзөтүү жана ресоциалдаштыруу, жаңы кылмыштарды жасоонун алдын алуу, социалдык адилеттүүлүктү калыбына келтирүү саналат.

Укук бузууларды жасагандыгы үчүн жаза чараларынын төмөнкүдөй түрлөрү колдонулушу мүмкүн (УБК 28-беренеси):

1) эскертүү;
2) коомдук иштер;
3) айып пул;
4) чет өлкөлүк жарандарды чыгарып жиберүү;
5) камак.

**Эскертүү (29-берене)**, эскертүү ыйгарым укуктуу орган тарабынан жазуу жүзүндө чыгарылат жана келечекте буга окшогон укук бузууларга жол бербөө максатын көздөйт. Эскертүү, Укук бузуулар жөнүндөгү кодекстин өзгөчө бөлүгүндө каралган учурларда, зыяндуу кесепеттерге алып келбеген укук бузууларды жасаганда колдонулушу мүмкүн.

**Коомдук иштер (30-берене),** коомдук иштер укук бузуучунун негизги жумушунан же окуусунан бош болгон убактысында коомдун жана мамлекеттин пайдасына акысыз иштерди аткаруусун түшүндүрөт. Коомдук иштер сот тарабынан 8-ден 40 саатка чейин, ал эми он алтыдан он сегиз жаш куракка чейинки балдарга 4-төн 20 саатка чейинки мөөнөткө дайындалат. Коомдук иштер элүү беш жаштан ашкан аялдарга жана алтымыш жаштан ашкан эркектерге, кош бойлуу аялдарга, үч жашка чейинки балдары бар аялдарга, биринчи же экинчи топтогу майыптуулугу бар, ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга карата колдонулбайт. Түнкү убакта коомдук ишке тартууга тыюу салынат. Укук бузуучуну коомдук ишке тартууда укук бузуучунун ден соолугуна жана өмүрүнө зыян келтирүүчү ууландыруучу, радиоактивдүү жана башка заттар колдонулууга тийиш эмес.

**Айып пул (31-берене),** айып пул укук бузууну жасоого күнөөлүү жакка сот, ыйгарым укуктуу орган тарабынан салынуучу мамлекеттин кирешесине өндүрүлүүчү акчалай жаза чарасы болуп саналат. Жеке жактарга салынуучу айып пулдун эң аз өлчөмү 10 эсептик көрсөткүчтөн кем боло албайт жана эң көп өлчөмү 200 эсептик көрсөткүчтөн ашпоого тийиш.

**Чет өлкөлүк жарандарды укук бузуу жасагандыгы үчүн чыгарып жиберүү (32-берене),** чет өлкөлүк жаранды Кыргыз Республикасынын чегинен чыгаруу сот тарабынан

жаза чарасы катары дайындалат. Чет өлкөлүк жаран Кыргыз Республикасынан соттун чечиминде көрсөтүлгөн мөөнөттө чыгып кетүүгө милдеттүү. Эгерде чет өлкөлүк жаранга чыгаруу жөнүндө чечим кабыл алынып, ал соттун чечиминде белгиленген мөөнөттө Кыргыз Республикасынын аймагынан чыгып кетпесе, ал чыгарууну уюштуруу үчүн зарыл болгон мөөнөттө, бирок 30 суткадан ашпаган мөөнөттө адистештирилген борборлорго жайгаштырылууга тийиш, бул тууралуу аталган жакка аны чыгаруу жөнүндө соттун чечимин чыгарууда эскертилет.

**Камак (33-берене),** камакка алуу балдарга, элүү беш жаш курагынан ашкан аялдарга жана алтымыш жаш курагынан ашкан эркектерге, кош бойлуу аялдарга, үч жаш курагына чейинки баласы бар аялдарга, он алты жаш курагына чейинки баланы жалгыз тарбиялап жаткан жактарга, ошондой эле ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген биринчи жана экинчи топтогу майыптыгы бар адамдарга карата колдонулушу мүмкүн эмес.

Бир эле адам тарабынан эки же андан ашык укук бузуулар жасалган учурда ар бир укук бузуу үчүн жаза чарасы өзүнчө колдонулат (47-берене).

# 3. ГЛАВА

## КЫЛМЫШ ДЕГЕН ЭМНЕ

**Кылмыш – бул кыйла катуу жазага кириптер кылына турган кыйла оор укук бузуу**. Мисалы, сөзүбүздүн башында биз Петя менен Болот туш болгон окуя алардын аракетинде башка бир мыйзамды – Кылмыш-жаза кодексин бузууну көргөнбүз, анын 206-беренесинде тоноо деп башка бирөөнүн мүлкүн ачык эле ээлеп алуу аталат деп айтылган. Башкача айтканда, башка бирөөнүн буюмун алууга болбойт, муну бардыгы билишет. Сен бирөөнүн сага тиешелүү эмес буюмун ачык эле алсаң, бул тоноо, мыйзам менен кылмыш жоопкерчилигине кириптер кылына турган укук бузуу.

Жаза катары Кылмыш-жаза кодекси боюнча **коомдук иштер, айып, эркиндигин чектөө, түзөтүү жумуштары, же эркиндигинен ажыратуу түрүндө жазалоо** колдонулат.

Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 18-беренесинде: “Кылмыш деп кылмыш-жаза мыйзамында каралган коомго коркунуч келтирген, күнөөлүү жана жазалануучу жосун (аракет же аракетсиздик) **таанылат**” **деген кылмыш түшүнүгү берилген.**

Кылмыштар мүнөзүнө жана коомдук коркунучтуулук даражасына жараша коркунучтуулугу аз, анча оор эмес, оор жана өзгөчө оор кылмыштар болуп бөлүнөт (**19-берене. Кылмыштарды классификациялоо**). Кылмыштын оордугу берененин санкциясында көрсөтүлгөн кыйла катаал жазанын жогорку мөөнөтү (өлчөмү) менен аныкталат. **Коркунучтуулугу аз кылмыштарга** эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жаза каралбаган, атайылап жана этиятсыздыктан жасалган кылмыштар кирет. **Анча оор эмес кылмыштарга** мыйзам тарабынан беш жылдан ашпаган мөөнөткө

эркиндигинен ажыратуу түрүндө жаза каралган атайылап жасалган кылмыштар, ошондой эле он жылдан ашык эмес мөөнөткө эркиндигинен ажыратуу түрүндө жаза каралган этиятсыздыктан жасалган кылмыштар кирет. **Оор кылмыштарга** мыйзам тарабынан беш жылдан ашык, бирок он жылдан ашпаган мөөнөткө эркиндигинен ажыратуу түрүндө жаза каралган атайылап жасалган кылмыштар кирет. **Өзгөчө оор кылмыштарга** мыйзам тарабынан он жылдан ашык мөөнөткө эркиндигинен ажыратуу же өмүр бою эркиндигинен ажыратуу түрүндө жаза каралган атайылап жасалган кылмыштар кирет.

Бул биз жогорудагы главада талкуулаганга өтө окшош. Бирок биз бул жерде кылмыштуу укук бузуулардын белгилерин дагы кылдат карайбыз. Дагы бир жолу "оор" деген сөздүн коомдук чоң коркунучу жөнүндө же ал башка ар кандай укук бузууларга караганда көбүрөөк залал (зыян) алып келе тургандыгын тактайбыз.

"Жосун" деген терминди да кеңири карап көрөбүз. Бул термин экинчи главада кезиккен жана укук бузууну, кылмышты аныктоодо келтирилген. Чындыгына келгенде, жосун – бул аракеттин же аракетсиздиктин эле өзү. Башкача айтканда, адам бир нерсени сөзсүз жасоого тийиш же, тескерисинче, жасабай коет. Биз эмне үчүн муну баса көрсөтүп жатабыз? Анткени адамдарда кээ бир учурда жашыруун ойлору, ынанымдары, ал түгүл максаттары болот, буларды коом дайыма эле жактыра бербейт, эгерде адам аларды ишке ашыруу үчүн эч нерсе жасабай койсо, бул үчүн жаза тартпайт, демек, ал кылмыш болуп эсептелбейт. Бул китептин башында келтирилген мисалды эске түшүрөлү: Петя менен Болот балдардан бир нерсени тартып алууну ойлонду деп коелу, бирок аны жасашкан жок, демек, бул кылмыш эмес.

Кылмыш жасаган адамдар кылмыш-жаза мыйзамы боюнча сотко берилип, ал жерде соттолушу же күнөөсү жок болсо акталышы керек. Бирок адегенде тергөө жүргүзүлөт, аны тергөөчү жүргүзөт. Төмөнкү укук коргоо органдарында: прокуратура, ички иштер, улуттук коопсуздук органдарында, жана жаза – аткаруу кызматында тергөө бөлүмдөрү бар.



Рисунок 4

Андан тышкары, **алгачкы текшерүү органдары** бар, алар алгачкы аракеттерди жасашат. Кыргыз Республикасынын Кылмыш- жаза процесстик кодексинин 39-беренесине ылайык алгачкы текшерүү органына төмөнкүлөр кирет: ички иштер органдары, жаза-аткаруу тутумунун органдары жана мекемелери, аскер бөлүктөрүнүн, бирикмелеринин командирлери жана аскердик мекемелердин начальниктери, чек ара бөлүктөрүнүн командирлери, аба кемелеринин командирлери, улуттук коопсуздук органдары, бажы органдары, өзгөчө кырдаалдар кызматынын органдары, алыскы жерлердеги геологиялык чалгындоо партияларынын, экспедициялардын жетекчилери, Кыргыз Республикасынын дипломатиялык өкүлчүлүктөрүнүн жана консулдук

мекемелеринин башчылары. Алгачкы текшерүү органы өз компетенциясынын чектеринде: жасалган же даярдалып жаткан кылмыш жөнүндө арыздарды, билдирүүлөрдү Кылмыштардын бирдиктүү реестрине (КБР) каттоону камсыз кылат, окуянын издерин сактоо чараларын көрөт, кылмыштарды алдын алуу, бөгөт коюу, кылмыш жасаган адамдарды табуу жана издөө үчүн жарандардын конституциялык укуктарын чектебеген ыкчам-издөө иш-чараларын, ошондой эле тергөөчүнүн тапшырмасы боюнча кылмышты ачуу жана далилдерди чогултуу үчүн атайын тергөө аракеттери боюнча ыкчам-издөө иш-чараларын жүзөгө ашырат, өз компетенцияларынын чегинде аракеттенишкен прокурорго жана тергөөчүгө алар талап кылган маалыматтарды жана материалдарды берет, прокурордун жазуу жүзүндөгү көрсөтмөлөрүн жана тапшырмаларын, тергөөчүнүн тапшырмаларын, анын ичинде жабырлануучуларды, күбөлөрдү, кылмыш-жаза сот өндүрүшүнө катышуучу башка адамдарды коргоо чараларын колдонуу жөнүндө тапшырмаларды аткарат, айдап келүүнү жүзөгө ашырат, соттун жазуу жүзүндөгү тапшырмаларын жана тескемелерин аткарат; бөгөт коюу чарасынын шарттарынын жана тартиптеринин сакталышын контролдоону жүзөгө ашырат. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинде көрсөтүлгөн алгачкы текшерүү органдары жыйналган материалдарды ушул Кодексте аныкталган тергөөгө караштуулугу боюнча тергөөчүгө же прокурорго өткөрүп берүү менен, окуянын изин сактоо боюнча гана кечиктирилгис чараларды көрөт.

**Ал эми ар бир жарандын милдети алгачкы текшерүү органдарына жардам көрсөтүү болуп саналат. Муну менен ал коомду, демек, өзүн, өз үй-бүлөсүн кылмыштуу кол салуулардан коргойт.**

Бир нече мисаларды карап көрөлү.

1. Таң заардан Болот менен Петя балык уулаганы чыгышат. Капыстан эле эки киши дубалдан жүк оодарып түшүрүшүп, машинасына жүктөп жөнөп кетишет. Болот болду-болбоду ушулар уурулар болуш керек, милицияга билдирүү керек деген ойго келет. Ага Петя телефонубуз жок, анын үстүнө балык көп кармалчу учурду өткөрүп жиберебиз деп каршы болот. Кечинде, алар балыктан келгенде, Петянын апасы көзү жашка толуп, уурулар квартирасынан буюмдарды уурдап кетишкендигин айтат. Төмөнкү кабатта жашаган коңшу аял милиция кызматкерине эртең менен эки киши подъездге кирип, жарым сааттан кийин чыгышкандыгын, алар саргыч-кызгылт “Москвичке” түшүп кетишкендигин, номерин эстей албай калбагандыгын айтат. Милиционерлердин бири жаны кейип: “Ушуну менен бул “Москвич” катышкан экинчи уурулук”, – деп айтат. Аны кунт коюп угуп турган Болот ойлоно калып, “Байке, биринчиси кайда болду эле”, – деп сурайт. Милиционер уурулук болгон жердин дарегин айтканда, Петя менен Болот эртең менен алар дал ошол ууруларды көргөнүн түшүнүшөт. Алар кайра кайтып келип, бул туурасында милицияга билдиришпегендигине абдан өкүнүшөт. Петя компьютери уурдалганына ичи өтө ачышат. Болот эртең менен ошол “Москвичти” көргөнүн, анын номерин эстеп калганын айтат. Милиционер Болотту жакшылап сурап, маалыматты милициянын нөөмөт бөлүмүнө жиберет. Бир нече сааттан кийин уурулар кармалат, бирок Петянын компьютерин сатканга үлгүрүшүптүр. Жаны ачыган Петя: “Эх, Болот, эмнеге айтканыңдан кайтпай туруп албадың экен”, – деп ызаланат.

2. Дагы бир жолу достор бир машина жөө адамды уруп, токтобой кетип калганын көрүшөт. Петя жүгүрүп баратып: “Болот! Бол батыраак “тез жардамды” чакыр, милицияга

телефон чал, машинанын номерин билдир, мен тигил жабырлануучуга жардам берейин”, – дейт. Бул жолу достор эң туура аракеттенишкен жана анын аркасында тиги киши аман калып, изин суутпай милиция кызматкерлери тарабынан ыкчам көрүлгөн чаралардын негизинде кылмышкер өз убагында кармалды.

Мына эми, досум, шектүү адамдар жана алардын аракеттери жөнүндө дайыма милицияга билдирип, ошондой эле кылмыштын же кырсык окуясынын курмандыгы болгондорго жардам берүү керек экендигин түшүндүң деген ойдомун. Эң башкысы – өзүнөр да укук бузбашыңар, болгондо да кылмыш жасабашыңар керек. Алардын залалдары жөнүндө ушул китептин кийинки главасынан билесиң.

# 4. ГЛАВА

## БАЛДАРДЫН ЖООПКЕРЧИЛИГИ

Ар кандай кодекстердин нормаларын бузуу – бул белгилүү жоопкерчиликке кириптер кыла турган укук бузуулар, бирок андай жоопкерчилик балдар үчүн Укук бузуулар, Кылмыш-жаза кодекстеринде каралган. Балдардын жоопкерчилигин кароодон мурун адегенде бала(балдар) терминин так түшүнүп алалы. Кылмыш-жаза кодексинин биринчи тиркемесинин 9-пункутунда ал термин төмөнкүчө аныкталган: Бала (балдар) – курагы он сегиз жаш куракка толо элек адам (адамдар).

Жоопкерчилик деген эмне жана аталган кодекстерде ал кандай берилгенин карап көрөлү.

Жоопкерчилик деп кыскача айтсак ал укукка каршы жасалган жосун үчүн адамдын жазага тартылуу жөндөмдүүлүгү жана анын терс залалдарына дуушар болуусу.

Кылмыш-жаза кодексинде балдар кылмыш жасагандыгы үчүн аларды жоопкерчиликке тартуу каралган. Бул кодекстин 60-беренесинин 3 бөлүгү боюнча бир кылмыш үчүн негизги бир гана жаза дайындалат. Дагы бир айта кетүүчү жагдай, эгерде кылмыш жасалган күнү сен он жетиде болуп, ал эми кийинки күнү он сегизге толсоң, анда сенин кылмыш-жаза жоопкерчилигиң жашы жетпеген баланын жоопкерчилиги менен каралат. Анткени, кылмыш жасаган убакта сен он сегиз жашка толо элек болчусуң.

Кылмыш-жаза кодексинин 96-беренесинин 2-бөлүгү боюнча кылмыш жасаган он төрт жаштан он сегиз жашка чейинки балага жаза дайындалышы же болбосо тарбиялык мүнөздөгү мажбурлоочу чаралар колдонулушу же болбосо **пробациялык көзөмөл** белгилениши мүмкүн.

***Маалымат:***

**Пробациялык көзөмөл** – сот тарабынан соттолгондорго жүктөлгөн көзөмөлдүк талаптардын жана пробациялык милдеттердин аткарылышын контролдоону мыйзамдарга ылайык жүзөгө ашыруу боюнча пробация органынын иши.

**Пробация органы** – коомдон обочолотуу менен байланышпаган кылмыштык жазалардын жана кылмыш-жаза укуктук таасир көрсөтүүнүн мажбурлоо чараларынын аткарылышын, социалдык-укуктук иш-милдеттерин аткаруу менен жазасын аткаруу кийинкиге калтырылган, түзөтүү мекемелеринен шарттуу түрдө мөөнөтүнөн мурда бошотулган адамдарды көзөмөлдөөнү жүзөгө ашыруучу ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган;

**Пробация** – бул инсанды соцалдык изилдөөгө негизделген жана пробациянын кардарларын түзөөгө, алардын укук бузууларды жасоосунун алдын алууга, аларга социалдык комок көрсөтүүгө жана аларга карата кайра социалдаштыруу боюнча чараларды көрүүгө багытталган жеке социалдык-укуктук программаларга алардын ыктыярдуу катышуусунда аларга карата мамлекеттик мажбурлоо, коомдук таасир этүү чараларынын комплексин колдонуучу мамлекеттик социалдык-укуктук институту.

Эгерде кыскача айтсак, пробация – бул шарттуу жазалоонун бир түрү (түрмөгө жибербей) жана соттолгонго сыноо мөөнөтү сот тарабынан белгиленгенде, ошол мөөнөттүн ичинде соттолгондун үстүнөн пробация милдеттерин аткаргандыгы жөнүндө пробация кызматкерлери тарабынан жүргүзүлгөн көзөмөл иши.

***Маалымат:*** *Кыргыз Республикасынын "Пробация жөнүндө" мыйзамы күчүнө киргенде пробация кызматы түзүлгөн. Андан кийин 2020-жылдын 1-январынан тартып пробация кызматы Юстиция министирлигинин карамагына*

*өткөн жана ошодон бери пробация департаменти деп аталат.*

*Балдарга карата пробация* ***(ювеналдык пробация)*** *алардын укуктарын жана мыйзамдуу таламдарын камсыз кылуу, алардын кайталап укук бузууну жасоосун болтурбай коюу, психологиялык-педагогикалык процесстин натыйжалуулугун камсыз кылуу, ошондой эле аларды кайра социалдаштыруу жана коомго кайра интеграциялоо максатында жүзөгө ашырылат (КР "Пробация жөнүндө" мыйзамынын 35-беренеси).*

**Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 17-главасында балдардын кылмыш-жаза жоопкерчилигинин өзгөчөлүктөрү каралган.**

**Кылмыш-жаза кодексинин 97-беренесинде** кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн тутумунан алыстатуу чараларын колдонууга байланыштуу он алты жаштан он сегиз жашка чейинки баланы кылмыш-жаза жоопкерчилигинен бошотуу каралган. Бул берене боюнча биринчи жолу коркунучтуулугу аз жана (же) анча оор эмес кылмыш жасаган, мурда соттуулугу болбогон, кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн тутумунан алыстатуу программасына катышпаган жана кылмыш жасагандыгын мойнуна алган он алты жаштан он сегиз жашка чейинки курактагы бала, тергөөчү тарабынан он алты жаштан он сегиз жашка чейинки курактагы баланын туура өнүгүүсүнө жана кайра социалдашуусуна көмөктөшүүгө жана кайтадан кылмыш жасоосуна бөгөт коюуга багытталган, тизмеси Кылмыш-жаза процессуалдык кодексине ылайык келишимде белгиленген, сотко чейинки өндүрүштүн алкагында кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн тутумунан алыстатуу чараларын колдонуу менен кылмыш-жаза жоопкерчилигинен бошотулат.

Эгерде он алты жаштан он сегиз жашка чейинки бала атайылап кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн тутумунан алыстатуу чараларын аткарбаган учурда, тергөөчү колдонулган чараларды өзгөртүүгө, келишимди колдонуу мөөнөтүн узартууга же кылмыш-жаза сот өндүрүшүнөн тутумунан алыстатуу жөнүндө чечимди жокко чыгарууга укуктуу.

**Кылмыш-жаза кодексинин 98-беренесине** ылайык биринчи жолу коркунучтуулугу аз жана (же) анча оор эмес кылмыш жасаган он төрт жаштан он сегиз жашка чейинки курактагы бала, эгерде аны тарбиялоо мүнөзүндөгү мажбурлоо чараларын колдонуу жолу менен оңдоого болот деп таанылса, сот тарабынан жазадан бошотулары каралган.

**Ал эми Кылмыш-жаза кодексинин 99-беренеси боюнча** сот тарабынан төмөнкүдөй тарбиялык мүнөзүндөгү мажбурлоо чаралары дайындалышы мүмкүн:

**1) эскертүү менен көзөмөлдөөгө өткөрүп берүү;**

**2) эскертүү менен жүрүм-турумун чектөө.**

Он төрт жаштан он сегиз жашка чейинки курактагы балага ушул берененин 1-бөлүгүнүн 1 жана 2-пункттарында каралган тарбиялык мүнөзүндөгү эки мажбурлоо чарасы бир мезгилде дайындалышы мүмкүн. Ушул берененин 1-бөлүгүндө каралган тарбиялык мүнөзүндөгү мажбурлоо чараларын колдонуу мөөнөтү алты айдан тартып үч жылга чейинки убакытка белгиленет.

Эгерде он төрт жаштан он сегиз жашка чейинки курактагы бала тарбиялык мүнөзүндөгү мажбурлоо чараларында каралган шартты эки же андан көп жолу бузса, анда сот ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын сунушу боюнча мындай чараны тарбиялык мүнөзүндөгү катуураак мажбурлоо чарасына алмаштырат же жаза колдонуу тууралуу маселени чечет.

**Кылмыш-жаза кодексинин 100-беренесинде** эскертүү менен көзөмөлдөөгө өткөрүп берүү он төрт жаштан он сегиз жашка чейинки куррактагы баланын жүрүм-турумун көзөмөлдөө боюнча милдеттерди ата-энеге же аларды алмаштырган адамдарга же ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга жүктөө каралган.

Он төрт жаштан он сегиз жашка чейинки курактагы бала, эгерде көзөмөлдөө мезгилинде бузууларды жасаган болсо, ага карата тарбиялык мүнөзүндөгү катуураак мажбурлоо чарасы колдонула тургандыгы жөнүндө эскертилет.

**Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 101-беренесинде эскертүү менен жүрүм-турумун чектөө каралган.**

Он төрт жаштан он сегиз жашка чейинки курактагы балага төмөнкүлөргө тыюу салынышы мүмкүн:

1) белгилүү бир жерлерге барууга;

2) белгиленген убакыт ичинде турак жайдан кетүүгө;

3) белгилүү бир адамдар менен баарлашууга;

4) эс алуунун белгилүү бир формаларын пайдаланууга.

Он төрт жаштан он сегиз жашка чейинки балага төмөнкүлөр тапшырылышы мүмкүн:

1) билим берүү мекемесинде окуусун улантууга;

2) сот тарабынан белгиленген мөөнөттө ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын жардамы менен жумушка орношууга.

Ушул беренеде каралган тыюу салуулардан жана милдеттерден тышкары сот өзүнүн каалосу боюнча он төрт жаштан он сегиз жашка чейинки курактагы баланын жүрүм-турумун башкача түрдө чектей алат.

Он төрт жаштан он сегиз жашка чейинки курактагы балага, эгерде белгиленген тыюу салууларды жана милдеттерди аткарбаса, ага карата тарбиялык мүнөзүндөгү

катуураак мажбурлоо чарасы же кылмыш жазасы колдонулары тууралуу алдын ала эскертилет.

Соттолгон адам үчүн сот тарабынан белгиленген эскертүү менен жүрүм-турумун чектөө түрүндөгү тарбиялык мүнөздөгү мажбурлоо чарасынын мөөнөтүнүн жарымы бүткөндө, кылмыш-жаза-укуктук таасир этүү чарасынын шарттарын ак ниеттүүлүк менен аткарган учурда, оңдолгондугу жана кайра социалдаштыруунун оң натыйжаларына жетишкенде, кылмыш аркылуу келтирилген зыяндын ордун толук толтурганда, пробация органы эскертүү менен жүрүм-турумун чектөө мажбурлоо чараларын жокко чыгаруу жөнүндө сотко сунуш жиберүүгө укуктуу.

Балага жаза дайындоодо каралган жагдайлардан тышкары, анын жашоо жана тарбия шарттары, психикалык өнүгүшүнүн деңгээли, инсандык башка өзгөчөлүктөрү, ошондой эле ага курагы боюнча жашы улуулардын таасири эске алынат. Жеңилдетүүчү жагдай катары баланын курагы жоопкерчиликти жеңилдетүүчү жана оордотуучу башка жагдайлар менен бирге чогуу эске алынат (К-ЖК 102-беренеси).

Сот жазаны кылмыш жасагандыгы үчүн жоопкерчилик каралуучу Кылмыш-жаза кодексинин өзгөчө бөлүгүнүн тиешелүү беренесинде белгиленген чектерде, ушул эле кодекстин жалпы бөлүгүнүн жоболорун сактоо менен дайындайт.

Жазаны дайындоодо сот жазанын алдын алуучу максаттарын эске алуу менен күнөөнүн даражасы жана жосун тарабынан келтирилген залалдын даражасына шайкеш келүүсүн эске алуусу зарыл.

Жазанын жеңилирээк түрү жазанын максатына жетүүнү камсыз кылбаган учурда гана Кылмыш-жаза кодексинин

60-беренесинде каралган жазанын оор түрү дайындалышы мүмкүн.

Эгерде кылмыш жоопкерчилигине тартылган адамга Кылмыш-жаза кодексинин өзгөчө бөлүгүнүн беренесинде (беренесинин бөлүгүндө) кылмыштын курамы катары жеңилдетүүчү же оордотуучу жагдайлар каралса, анда ошол эле жагдайлар жазаны дайындоодо көңүлгө алынбайт (К-ЖК 72-беренеси).

Сот жазаны дайындоодо жазаны жеңилдетүүчү (73-берене) жана жазаны оордотуучу (74-берене) жагдайларды эске алат.

Жазаны дайындоодо жазаны **жеңилдетүүчү жагдайлар** болуп төмөнкүлөр таанылат:

1) чын дилинен өкүнүү же кылмышты ачууга көмөк көрсөтүү;

2) келтирилген зыяндын ордун ыктыярдуу түрдө толтуруу же залалды жоюу;

3) жеке, үй-бүлөлүк, материалдык же башка оор жагдайлардын айынан кылмыш жасоо;

4) кызматтык же башка көз карандылыктан улам кылмыш жасоо;

5) он төрт жаштан он сегиз жашка чейинки курактагы баланын кылмыш жасашы;

6) кош бойлуу абалдагы аялдын кылмыш жасашы.

Сот жазаны дайындоодо жогоруда көрсөтүлбөгөн башка жагдайларды да жеңилдетүүчү жагдай деп таанышы мүмкүн.

Жазаны дайындоодо жазаны **оордотуучу жагдайлар** болуп төмөнкүлөр таанылат:

1) адамдардын тобу, алдын ала бүтүм боюнча адамдардын тобу, уюшкан топ же кылмыштуу коомдоштук тарабынан кылмыш жасоо;

2) кылмышты расалык, этностук, улуттук, диний же аймактар аралык касташуунун (чыр-чатактын) айынан жасоо;

3) кылмыш аркылуу оор залал келтирүү;

4) балага, майыпка, карыган адамга же алсыз абалдагы адамга карата кылмыш жасоо;

5) кош бойлуу аялга карата кылмыш жасоосу;

6) күнөөлүү адамга материалдык же кызматтык көз каранды болгон адамга карата кылмыш жасоо;

7) өзгөчө мыкаачылык менен кылмыш жасоо;

8) өзгөчө кырдаал же согуштук абал, же коомдук кырсыктын шарттарында кылмыш жасоо;

9) жалпыга коркунуч келтирген ыкма менен кылмыш жасоо;

10) башка кылмышты жашырууга же аны жеңилдетүүгө көмөктөшүү максатында кылмыш жасоо;

11) мас абалындагы адам тарабынан кылмыш жасоо.

Сот кылмыштын мүнөзүнө жараша бул жагдайды жазаны оордотуучу жагдай катары таанибай коюуга укуктуу. Сот жазаны дайындоодо ушул беренеде каралбаган жагдайларды оордотуучу деп тааный албайт.

Кылмыш-жаза кодексинде оордотуучу жана жеңилдетүүчү жагдайлар ушундай чечмеленет. Балдарга карата мыйзамдын гумандуу мамилеси кылмыш жасай берүүгө болот дегенди түшүндүрбөй тургандыгы сага маалым болду деп ойлойм.

Эми жагдайды оорлотуучу мисалдарды карап көрөлү. Бул биз жогоруда келтирген Петя менен Болоттун жаш балдарды тоногондугун эске салалы.

Биринчиден, тоноонун өзү эле – оор кылмыш. Экинчиден, бул мисалда төмөнкүдөй оорлотуучу жагдайлар да бар:

- кылмыш жаш балдарга карата жасалган;
- кылмыш жекече пайдасын көздөө менен экөө сүйлөшүп жасашкан;
- **кылмыш бир нече жолу жасалган, анткени Петя мындай иштерди мурда деле жасап жүргөндүгүн айткан.**

Тоногондордун өздөрүнүн жашы жетпегендиги жеңилдетүүчү жагдай болгон.

**Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 103-беренеси боюнча** кылмыш жасаган он төрт жаштан он сегиз жашка чейинки курактагы балдарга жазалардын төмөнкүдөй түрлөрү гана дайындалышы мүмкүн:

**1) коомдук иштер;**

**2) айып;**

**3) эркиндигин чектөө;**

**4) түзөтүү жумуштары;**

**5) эркиндигинен ажыратуу.**

Эгерде пробациялык көзөмөл дайындалган он төрт жаштан он сегиз жашка чейинки курактагы соттолгон бала, пробациялык мөөнөттүн ичинде өзгөчө оор болуп саналбаган жаңы кылмыш жасаса, сот иштин жагдайын жана күнөөлүүнүн ким экендигин эске алуу менен пробациялык мөөнөттү колдонуу жөнүндө чечимди кайрадан кабыл ала алат, жаңы пробациялык көзөмөлдү белгилей жана ушул Кодекстин 83-беренесинде каралган пробациялык милдеттерди аткарууну соттолгон адамга жүктөйт.

Сот пробациялык көзөмөл белгиленген соттолгонго карата төмөнкүдөй көзөмөл талаптарын аткарууну жүктөйт:

1) соттун өкүмү мыйзамдуу күчүнө кирген учурдан тартып он күндүн ичинде жашаган жери боюнча пробация органына келүү;

2) өлкөнүн чегинен чыкпоо;

3) пробация органына жашаган жери, иши же окуусу жөнүндө, ошондой эле алар өзгөргөндүгү тууралуу кабарлоо;

4) каттоо жана профилактикалык маектешүүгө катышуу үчүн айына эки жолу пробация органдарына келүү.

Пробациялык көзөмөл чараларын колдонуу менен адамды эркиндигинен ажыратуу түрүндө жаза өтөөдөн

бошоткон учурда, сот төмөнкүдөй **милдеттердин** бирин же андан көбүн соттолгон адамга жүктөйт:

1) соттун өкүмү чыгарылганга чейин алдын ала макулдук берилген учурда алкоголизмден, баңгиликтен, токсикоманиядан же башка адамдардын ден соолугуна коркунуч келтирген оорудан дарылануу курсунан өтүү;

2) психикалык активдүү заттарды колдонбоо;

3) белгилүү бир адамдар менен байланышпоо;

4) кылмыштын натыйжасында жабырлануучуга келтирилген зыяндын ордун сот аныктаган мөөнөттө толтуруу;

5) белгилүү бир жерлерге барбоо;

6) сот аныктаган убакытта жашаган жеринде болуу;

7) сот белгилеген мөөнөттө ишке орношуу же окууга өтүү;

8) пробация органы тарабынан дайындалган кайра социалдаштыруу программаларына катышуу;

9) багуусунда турган адамдарды багуу боюнча милдеттерин жүзөгө ашыруу;

10) пробация органынын талабы боюнча сот тарабынан жүктөлгөн милдеттерди аткаргандыгы жөнүндө кабарлоо.

Сот өз каалоосу боюнча соттолгон адамга түзөтүүгө түрткү берүүчү башка пробациялык милдеттерди аткарууну да жүктөй алат.

Пробация көзөмөлү пробация органы тарабынан жүзөгө ашырылат.

Пробациялык мөөнөттүн ичинде сот пробация органынын сунушу боюнча соттолгон адамга мурда белгиленген пробациялык милдеттерди толук же жарым-жартылай алып салышы же болбосо толукташы мүмкүн. Соттолгон адамдын өтүнүчү боюнча сот ушул берененин 2-бөлүгүнүн 3, 5 жана 6-пункттарында каралган пробациялык милдеттерди толук же жарым-жартылай алып сала алат.

**Балдарга дайындалуучу коомдук иштер (104-берене)**

Коомдук иштер жыйырма сааттан жүз жыйырма саатка чейинки мөөнөткө дайындалат, баланын дене боюнун мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен жумуштарды аткарууну билдирет жана ал аны окуудан же негизги ишинен бош убакта аткарат. Жазанын мындай түрүн он төрт жаштан он алты жашка чейинки балдардын аткаруусунун узактыгы бир күндө эки сааттан, ал эми он алтыдан он сегиз жашка чейинки балдарга бир күндө – үч сааттан ашпоого тийиш.

**Балага дайындалуучу айып (105-берене )**

Айып он алты жашка толгон балдарга карата колдонулат. Айып соттолгон баланын өз алдынча эмгек акысы же өндүрүп алууга айландырыла турган мүлкү болгондо дайындалат.

Айып 50-дөн 1400-гө чейинки эсептик көрсөткүч өлчөмүндө белгиленет.

**Балага дайындалуучу эркиндигин чектөө (106-берене)**

Коркунучтуулугу аз же анча чоң эмес кылмыш жасаган он төрт жаштан он алты жашка чейинки балдарга эки айдан алты айга чейинки мөөнөткө, он алты жаштан он сегиз жашка чейинки курактагыларга – алты айдан бир жылга чейинки мөөнөткө эркиндигин чектөө дайындалат.

**Түзөтүү жумуштары (107-берене)**

Түзөтүү жумуштары он алты жаштан он сегиз жашка чейинки курактагы ишке орношкон балдарга иштеген жеринде бир айдан бир жылга чейин дайындалат.

Түзөтүү жумуштарына соттолгон баланын эмгек акысынан, соттун өкүмүндө 5-тен 10 пайызга чейинки чектерде белгиленген өлчөмдө мамлекеттин кирешесине чегерүү жүргүзүлөт.

**Балага дайындалуучу эркиндигинен ажыратуу (108-берене)**

Кылмыш жасаган учурга карата он сегиз жаш куракка толо элек балдарга эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жаза

алты айдан он жылга чейинки мөөнөткө дайындалышы мүмкүн.

Он сегиз жашка чейинки куракта кылмыш жасаган он төрт жаштан он сегиз жашка чейинки балага эркиндигинен ажыратуу мөөнөтү төмөндөгүдөй белгиленет:

1) анча оор эмес кылмыш үчүн – эки жылга чейин;

2) оор кылмыш үчүн – эки жылдан беш жылга чейин;

3) өзгөчө оор кылмыш үчүн – беш жылдан он жылга чейин.

Кылмыштардын же өкүмдөрдүн жыйындысы боюнча жаза дайындоодо эркиндигинен ажыратуунун максималдуу мөөнөтү он жылдан ашпоого тийиш.

Эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жаза он алты жашка чейинки куракта биринчи жолу анча оор эмес кылмыш жасаган он төрт жаштан он сегиз жашка чейинки курактагы соттолгон балага дайындалбайт.

Өкүм чыгарылган учурда он сегиз жашка чыга элек адамга эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жазаны өтөө жалпы же күчөтүлгөн режимдеги тарбиялык абактарда дайындалат.

Тарбиялык абактарда жаза өтөө төмөнкүлөргө дайындалат:

1) биринчи жолу эркиндигинен ажыратууга соттолгон эркек балага, кыз балага, ошондой эле пробациялык көзөмөл жокко чыгарылып, эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жаза дайындалган балдарга – жалпы режимдеги тарбиялык абактарда;

2) эркиндигинен ажыратуу түрүндө жазасын мурда өтөгөн эркек балага – күчөтүлгөн режимдеги тарбиялык абактарда.

Жасалган кылмыштын мүнөзүнө жана коомдук коркунучтуулук даражасына, күнөөкөрдүн ким экендигине жана иштин башка жагдайларына жараша, сот кабыл алынган чечимдин жүйөлөрүн көрсөтүү менен соттолгон

эркек балдарга эркиндигинен ажыратууну жалпы тартиптеги тарбиялык абактарда өтөөнү дайындашы мүмкүн.

Он төрт жаштан он алты жашка чейинки курактагы балага оор же өзгөчө оор кылмыш жасагандыгы үчүн эркиндигинен ажыратуу түрүндө жаза дайындалганда, Кылмыш-жаза кодексинин өзгөчө бөлүгүнүн тийиштүү беренесинде каралган жазанын төмөнкү чеги жарымына кыскартылат.



Рисунок 5

Соттун өкүмү күчүнө киргенден кийин он сегиз жашка чыга элек адамга эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жазаны өтөө Жаза-аткаруу кызатынын мекемелеринде жүргүзүлөт. Эркиндигинен ажыратуудан камакка алуу камакка алынган камералык типтеги өтө изоляцияланган бөлмөлөрдө (тергөө жүргүзүлгөн учурда) кармалгандыгы, ал эми эркиндигинен ажыратуу түзөтүү колонияларында кармалгандыгы менен айырмаланат, ал жерде эркиндик бөлмө менен эмес, колониянын дайым куралдуу кайтаруудагы аймагы менен

чектелет же, башкача сөз менен айтканда, колониянын ичинде ачык асман алдында жүрүүгө болот. Ал жерден соттолгон балага сабак окуу, ар түрдүү кесиптерди үйрөнүү (токарь, электр ширетүүчү, жыгач уста ж. б.), спорттук, массалык маданият иштерине катышуу жана түзөтүү колониясынын планы боюнча ар жумуштарды аткаруу жүктөлөт.

**Балага карата пробациялык көзөмөлдү колдонуу менен жазадан бошотуу (109-берене)**

Эгерде сот анча оор эмес жана (же) оор кылмыштар үчүн жаза дайындоодо күнөөлүүнүн ким экендигин, ошондой эле иштин башка жагдайларын эске алып, он төрт жаштан он сегиз жашка чейинки курактагы соттолгон баланы Кылмыш-жаза кодексинин 83-беренесинде каралган пробациялык милдеттерди жүктөө менен жаза өтөөсүз эле оңдоо мүмкүн экендиги жөнүндө тыянакка келсе, анда ал пробациялык көзөмөлдү колдонуу менен аны жаза өтөөдөн бошотуу жөнүндө чечим кабыл ала алат.

Пробациялык мөөнөттүн ичинде сот Кылмыш-жаза кодексинин 83-беренесинде аныкталган тартипте он төрт жаштан он сегиз жашка чейинки курактагы соттолгон бала үчүн мурда белгиленген пробациялык милдеттерди толугу менен же жарым-жартылай жокко чыгара же болбосо толуктай алат.

Пробациялык көзөмөл алты айдан бир жылга чейинки мөөнөткө белгиленет.

**Пробациянын укуктук натыйжалары (110-берене)**

Пробациялык мөөнөтү аяктаганда, өзүнө жүктөлгөн пробациялык милдеттерди аткарган жана жаңы кылмыш жасабаган он төрт жаштан он сегиз жашка чейинки курактагы соттолгон бала жазаны өтөгөн болуп эсептелет.

Эгерде соттолгон он төрт жаштан он сегиз жашка чейинки курактагы бала өзүнө жүктөлгөн пробациялык

милдеттерди жүйөсүз себептер менен бузса, анда пробация органынын сунушу боюнча сот пробациялык көзөмөлдү жокко чыгарат жана аны дайындалган жазаны өтөө үчүн жөнөтөт.

Соттолгон он төрт жаштан он сегиз жашка чейинки курактагы бала пробациялык мөөнөттүн ичинде жаңы кылмыш жасаган учурда, сот пробациялык көзөмөлдү жокко чыгарат жана ага ушул Кодекстин 78-беренесине (Өкүмдөрдүн жыйындысы боюнча жаза дайындоо) ылайык жаза дайындайт.

Эгерде пробациялык көзөмөлдүн мөөнөтүнүн жарымы өткөнгө чейин он төрт жаштан он сегиз жашка чейинки курактагы соттолгон бала пробациялык көзөмөлдүн шарттарын ак ниеттүүлүк менен аткарса, оңолуу жана кайра социалдаштыруунун оң натыйжаларына жетишсе, кылмыш аркылуу келтирилген зыяндын ордун толугу менен толтурса, сот пробация органынын сунушу боюнча пробациялык көзөмөлдү жокко чыгаруу жөнүндө чечим чыгара алат. Мында белгиленген пробациялык мөөнөттүн жарымынан кем эмеси өткөндөн кийин пробациялык көзөмөл жокко чыгарылышы мүмкүн.

**Эскирүү мөөнөттөрү өткөндүгүнө байланыштуу кылмыш-жаза жоопкерчилигинен жана жаза өтөөдөн бошотуу (111-берене)**

Кылмыш-жаза кодексинин 58 (Кылмыш куугунтук-тоонун эскирүү мөөнөттөрү өткөндүгүнө байланыштуу кылмыш-жаза жоопкерчилигинен бошотуу) жана 92 (Айыптоо өкүмүн аткаруунун эскириши) – беренелеринде каралган эскирүү мөөнөттөрү он төрт жаштан он сегиз жашка чейинки курактагы балдарды кылмыш-жаза жоопкерчилигинен же жаза өтөөдөн бошотууда жарымына кыскартылат.

**Жаза өтөөдөн шарттуу мөөнөтүнөн мурда бошотуу (112-берене)**

Он сегиз жашка чейинки куракта жасаган кылмышы үчүн эркиндигинен ажыратууга соттолгон адамдарга Кылмыш-жаза кодексинин 88-беренесинин 2, 4-бөлүктөрүндө (Жазаны өтөөдөн мөөнөтүнөн мурда шарттуу бошотуу) жана 90-беренесинде (Жазаны өтөөдөн мөөнөтүнөн мурда шарттуу бошотууда сыноо мөөнөтүн дайындоо) каралган шарттарда жана тартипте жаза өтөөдөн шарттуу мөөнөтүнөн мурда бошотуу колдонулушу мүмкүн.

Жаза өтөөдөн шарттуу мөөнөтүнөн мурда бошотуу он төрт жаштан он сегиз жашка чейинки курактагы бала иш жүзүндө төмөнкүлөрдү өтөгөндөн кийин колдонулат:

1) анча оор эмес кылмыш үчүн дайындалган жаза мөөнөтүнүн кеминде төрттөн бирин;

2) оор кылмыш үчүн дайындалган жаза мөөнөтүнүн кеминде үчтөн бирин;

3) өзгөчө оор кылмыш үчүн дайындалган жаза мөөнөтүнүн кеминде жарымын.

**Жазаны өтөөдөн мөөнөтүнөн мурда шарттуу бошотуу (88-берене)**

Соттолгонго карата мөөнөтүнөн мурда шарттуу бошотуу төмөндө саналып өткөн шарттардын бардык жыйындысында колдонулат:

1) түзөтүүнүн жана кайра социалдаштыруунун оң натыйжасына жетишкенде;

2) кылмыш аркылуу келтирилген зыяндын жарымынан кем эмесинин ордун толтурганда;

3) жоюлбаган тартиптик жаза чарасы болбогондо;

4) жазаны өтөө мезгилинде эмгекке жана окууга ак ниетинен мамиле кылганга;

5) эгерде алкоголго, баңгиликке, психотроптук же уулуу затка көз карандылыгы бар болсо, алардан арылууга дарылануу курсунан өткөндө.

Жазадан шарттуу-мөөнөтүнөн мурда бошотуу соттолгон адам жазасын өтөп жаткан жери боюнча анын өзүнүн жеке арызынын, же болбосо жаза аткаруу мекемесинин администрациясынын сунушу боюнча сот тарабынан колдонулат.

Жазадан мөөнөтүнөн мурда шарттуу бошотуу соттолгон иш жүзүндө төмөнкүлөрдү өтөгөндөн кийин колдонулат:

1) анча оор эмес кылмышты жасагандыгы үчүн дайындалган жазанын кеминде үчтөн эки мөөнөтүн;

2) оор же өзгөчө оор кылмышты жасагандыгы үчүн, ошондой эле мурда шарттуу-мөөнөтүнөн мурда бошотулган адамга, эгерде аны шарттуу-мөөнөтүнөн мурда бошотуу жокко чыгарылса, дайындалган жазанын төрттөн үч кем эмес мөөнөтүн;

3) медиациянын алкагында жабырлануучу тарап менен бүтүмгө жетишсе – анча оор эмес кылмыш жасагандыгы үчүн белгиленген жаза мөөнөтүнүн жарымынан кем эмес;

4) ушул Кодекстин 89-беренесинде каралган чектөөлөрдү кошпогондо, өмүр бою эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жазалоодо жыйырма беш жылдан кем эмес.

*Маалымат:* ***КР Медиация жөнүндө мыйзамда (****2017-жылдын 28-июлу № 161)* ***пайдаланылуучу негизги түшүнүктөр****:*

***Медиация*** *– талашкан тараптардын өз ара алгылыктуу макулдашуусуна жетишүү максатында алардын кызыкчылыктарын макулдашуу жолу менен медиатордун (медиаторлордун) көмөк көрсөтүүсүндө талашты жөнгө салуу жол-жобосу;*

***Медиатор*** *– ушул Мыйзамдын талаптарына жооп берүүчү, медиацияны жүргүзүүдө тараптарга жардам көрсөтүүчү көз карандысыз жеке жак;*

***Медиация тараптары** – талашты медиация аркылуу жөнгө салууга макулдугун билдирген жеке жактар жана (же) юридикалык жактар.*

**Жазаны өтөөдөн мөөнөтүнөн мурда шарттуу бошотууну колдонбоо (89-берене).**

Жазаны өтөөдөн мөөнөтүнөн мурда шарттуу бошотуу төмөнкү соттолгон адамга колдонулбайт:

1) баланын өмүрүнө же баланын жыныстык кол тийбестигине кол салууну жасагандыгы үчүн эркиндигинен ажыратылганга;

2) кыйноолор үчүн;

3) тынчтыкка жана адамзаттын коопсуздугуна каршы кылмыштары, ошондой эле аскер кылмыштары үчүн;

4) уюшкан топтун же кылмыштуу коомдоштуктун курамында кылмыш жасагандыгы үчүн;

5) террордук актыны жасагандыгы же экстремисттик уюм түзгөндүгү үчүн;

6) коомдук коопсуздукка, конституциялык түзүлүштүн негиздерине жана мамлекеттин коопсуздугуна каршы кылмыштар үчүн.

**Жазаны өтөөдөн мөөнөтүнөн мурда шарттуу бошотууда сыноо мөөнөтүн дайындоо (90-берене)**

Жазаны өтөөдөн мөөнөтүнөн мурда шарттуу бошотуу колдонулган учурда сыноо мөөнөтү сот актысы күчүнө кирген учурдан тартып башталат.

Жазаны өтөөдөн мөөнөтүнөн мурда шарттуу бошотулган адамга сот жазанын өтөлө элек бөлүгүнүн чегинде, бирок үч жылдан ашпаган сыноо мөөнөтүн дайындайт.

Сот мөөнөтүнөн мурда шарттуу бошотулгандарга сыноо мөөнөтү мезгилинде пробация органы тарабынан ишке ашырылуучу көзөмөлдү белгилөө жөнүндө токтом чыгарат.

Соттолгонго көзөмөл белгиленгенде, сот ага сыноо мөөнөтү мезгилине көзөмөл талаптарды жүктөйт, ошондой

эле ушул Кодекстин **83-беренесинде** каралган милдеттерди жүктөй алат.

Эгерде соттолгон сыноо мөөнөтү ичинде өзүнө жүктөлгөн көзөмөл талаптарды жана милдеттерди сактабаса, анда сот пробация органынын сунушунун негизинде соттолгон адамды дайындалган жазаны жокко чыгарып жана өтөөгө жөнөтүү жөнүндө токтом чыгара алат.

Соттолгон адам сыноо мөөнөтүнүн ичинде жаңы кылмыш жасаган учурда сот ушул Кодекстин **78-беренесине** ылайык өкүмдөрдүн жыйындысы боюнча ага жаза дайындайт.

**Соттолгон балдардын соттуулугун жоюу (113-берене)**

Он сегиз жашка толгонго чейин кылмыш жасаган адамдар үчүн ушул Кодекстин **95-беренесинде** каралган соттуулугун жоюу мөөнөттөрү жарымына кыскартылат.

**Соттуулук жана аны жоюу (95-берене)**

Анча оор эмес, оор жана өзгөчө оор кылмыш жасагандыгы үчүн соттолгон адам соттун айыптоо өкүмү мыйзамдуу күчүнө кирген күндөн тартып жоюлган учурга чейин соттолгон болуп эсептелет.

Коркунучтуулугу аз кылмыштарды жасагандыгы үчүн соттолгон адам өкүм аткарылган учурдан баштап соттуулугу жок деп таанылат.

Пробациялык көзөмөлдү колдонуу менен жаза дайындалган учурда пробациялык көзөмөл бүткөн күнү соттуулугу жоюлат.

Кылмыш кылган адам жаза мөөнөтүн өтөп бүткөндөн кийин же жазаны аткаргандан кийин төмөнкү мөөнөттөр өтсө соттуулугу жок деп, ал эми соттуулугу жоюлган деп эсептелет:

1) үч жыл – анча оор эмес кылмыш үчүн соттолгон учурда;

2) жети жыл – оор кылмыш үчүн соттолгон учурда;

3) он жыл – өзгөчө оор кылмыш үчүн соттолгон учурда.

Соттолгондордун жана соттуулугу жоюлган адамдардын реестри мыйзамдарда белгиленген тартипте жүргүзүлөт.

Соттуулугун жоюу кылмыш жасоонун кылмыш-жаза-укуктук кесепеттерин жоёт.

Биз жогоруда белгилегендей эгерде пробациялык көзөмөл мөөнөтүнүн ичинде соттолгон бала жаңы кылмыш жасабаса жана сот тарабынан белгиленген пробациялык милдеттерди аткарса, сот дайындалган жаза өтөөдөн аны бошотот.

Бирок, тескерисинче да болуп калып жатат. Кадимки турмуштан алынган мисалдарга кайрылалы.

1985-жылы туулган А.Э. Ош областынын Кара-Суу районунда жашап, эч жерде окуган, иштеген эмес. 2000-жылы 19-октябрда ал уурулук кылгандыгы үчүн Кара-Суу райондук соту тарабынан эки жылга эркиндигинен ажыратылып, мөөнөтүн өтөө кийинкиге калтырылган. Сыноо мезгилинин ичинде ал өзүнүн абалы канчалык олуттуу экендигин түшүнбөй, дагы башка кылмыш жасаган. 2001-жылы 13-январда автомашинанын терезесин талкалап, анын салонунан буюмдарды уурдап кеткен. Кийинки күнү гараждын кулпусун талкалап, ал жактан дагы буюмдарды уурдаган. Мунун кесепетинен сот кылмыш кайталап жасалгандыгын жана биринчи жолку уурулугу үчүн жаза өтөөнү кийинкиге калтырууну эске алып, аны алты жылга эркиндигинен ажыратуу менен жазалоо дайындалган.

1985-жылы туулган Ош шаарынын тургуну Т. Б. 4-апрелде карыган аялдын колунан ичинде болгону жыйырма сому бар сумкасын жула качкан. Сот ал тоноочунун жашын жана ал биринчи жолу соттолуп жаткандыгын эске алып, ага 5 миң сом өлчөмүндө айып дайындаган. Бирок өкүм угулгандан кийинки күнү, ал мыйзамдуу күчүнө кире электе Т. Б. дагы башка кылмыш

жасап, болгондо да жабыркаган адамды токмоктогон. Кылмыш кайталап жасалгандыгын жана күнөөкөрдүн ким экендигин эске алуу менен сот аны жети жылга эркиндигинен ажыратты.

Биз жогоруда  Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси боюнча кылмыш жасаган балдар жоопкерчиликке кандайча тартылаарын  карап чыктык.

Ушуну менен бирге мектеп окуучуларынын милиция кызматкерлери менен жолугушуу учурунда беришкен суроолоруна жоопторду дагы жазып кетүүнү туура көрдүк.

**Биринчи суроо**: *Кылмыш-жаза кодекси боюнча он сегиз жашка толо элек бала кылмыш жасаса кандай жоопкерчилике тартылат?*

**Жооп:** Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 28-беренесинин биринчи бөлүгүнө ылайык: “кылмыш жасаганга чейин жашы он алтыга толгон адам кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартылууга тийиш”. Башкача айтканда, жогоруда айтылгандардан, эгерде сен 16 жашка толсоң, ар кандай жасалган кылмыш үчүн толук жоопкерчилик тартасың.

**Экинчи суроо:** *Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси боюнча он алтыга толо элек бала кылмыш жасаса кандай жоопкерчилик келип чыгат?*

**Жооп:** Кылмыш-жаза кодексинде 28-беренесинин 2-бөлүгүндө көрсөтүлгөндой кылмыш жасаганга чейин он төрт жашка толгон бала адамды өлтүрүү, ден соолукка оор залал келтирүү, ден соолукка анча оор эмес залал келтирүү, зордуктоо, сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттер, адамды уурдоо, адамдарды соодалоо, уурдоо, тоноо, каракчылык, опузалап талап кылуу, автомототранспорт каражатын айдай качуу, башка бирөөнүн мүлкүн жок кылуу же бузуу, террордук актысы, барымтага алуу, атуучу

куралды уурдоо же опузалап алып коюу, бейбаштык, баңгизат каражаттарын, психотроптук заттарды жана алардын аналогдорун сатып өткөрүү максатында мыйзамсыз даярдоо, баңгизат каражаттарын же психотроптук заттарды уурдоо же болбосо опузалап алып коюу, транспорт каражаттарын же каттоо жолдорун жараксыз абалга келтирүү кылмыштары үчүн кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартылууга тийиш.

Бул көрсөтүлгөн кылмыштардын коомдук коркунучтуулук даражасын жана өзгөчө кылмыштардын залалы (зыяндуулугу) өтө оор экенин балдар он төрт жашка толгондо түшүнүү мүмкүнчүлүгү кылмыш-жаза мыйзамында каралган. Бул кылмыштар тууралуу ушул китептин кийинки главасынан толук тааныша аласың.

**Үчүнчү суроо:** *Эгерде жаш балдар (14 жашка чыга электер) кылмыш жасашса алар жоопкерчиликке тартылабы?*

**Жооп:** Алар кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартылышпайт. Эмне үчүн? Анткени алар өтө эле жаш, жаңыдан эле чоңоюп, акыл-сезими, өсүү стадиясында болгондуктан, билүү, түшүнүү жана баамдоо туюмдары калыптана электигинен жоопкерчиликке тартылбайт. Бирок, балдардын жасаган укук бузулары, жосундары чара көрүүсүз калтырылбайт. Алар ата-энелер, мыйзамдуу өкүлдөр, тарбиячылар, мугалимдер жана башка компетенттүү мамлекеттик органдардын кызматкерлери тарабынан ар кандай тарбиялоо иш чаралары милдеттүү түрдө жүргүзүлөт. Мыйзам чегинде жергиликтүү мамлекеттик администрацияларда жана шаарлардын мэрияларында түзүлгөн Балдар иштери боюнча түзүлгөн комиссияларда балдардын жасаган жосундары каралып, чара көрүлүп жыйынтык чыгарылат. Бул комиссия Кыргыз республикасынын министрлер кабинетинин токтому менен бекитилген “**Балдар иштери**

**боюнча комиссиянын типтүү жобосу**” жана Кыргыз республикасынын мыйзамдарын жетекчиликке алып иш жүргүзөт. Бул комиссиянын курамына атайын өкүлдөр кирет, алар:

- ички иштер органынын;
- билим брүү сферасынын;
- саламаттыкты сактоо тармагынын;
- балдарды коргоо органынын;
- миграция боюнча органынын;
- жергиликтүү мамлекиттик администрациянын, шаардардын мэриясынын;
- жарандык коомдун ( макулдашуу менен).

Комиссияда төрагалыкты социалдык маселелер боюнча жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын башчыларынын орун басарлары жана шаарлардын вице-мэрлери жүргүзүшөт.

Бул комиссиянын ишинде төмөнкүлөр каралат:

- турмуштук татаал кырдаалга туш келген балдардын мыйзамдуу кызыкчылыгын коргоону камсыз кылуу;
- жаш балдардын укук бузуулары жөнүндөгү материалдарды, алардын ата-энелеринин жана алардын мыйзамдуу өкүлдөрүнүн катышуусунда өзүнүн мыйзамду укугунун чегинде кароо;
- балдар коомго коркунучтуу жосундарды жасаган, өзүн өзү өлтүрүү, балдарга ырайымсыз мамиле жасоо, жашы жетелектердин кайталап укук бузууларды жасашы жана жашы жетпей туруп эрте турмуш куруу фактылары боюнча токтоосуз кароо жүргүзөт.

Комиссия жогорудагы көрсөтүлгөн фактылар боюнча чечим кабыл алат жана анын чечими сөзсүз түрдө бардык тийиштүү тараптар аткарууга тийиш.

Жогоруда белгилеп кеткендей балдар укук бузуп же кылмыш жасаса, алардын жоопкерчилиги белгилүү куракка

жеткенде келип чыгаары айтылган. Ошондуктан балдар укук бузууларды жасашса, алар үчүн ата-энелери жоопкерчиликке тартылаары Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жана Кылмыш-жаза кодексттеринде көрсөтүлгөн. Кайсыл учурларда жоопкерчилик ата-энелерге жүктөлөт? Кайсыл куракка чейин баланын ата-энеси жоопкерчиликке тартылат, ал бала кандай жосун жасаса, ошого байланыштуу болоору мыйзамдарда аныкталган. Кыргыз Республикасынын үй-бүлөө жана жарандык кодекстеринде толук укук жөндөмдүүлүк он сегизге толгондо башталаары көрсөтүлгөн. Ага чейин балдар жашы жетелектер деп эсептелет. Бирок, биз жогоруда көрсөтүп кеткендей оор жана өзгөчө оор кылмыштар үчүн балдардын жоопкерчилиги көп эле эрте башталаарын көрсөтүп кеттик. Өзүлөрүнүн балдары үчүн ата-энелер граждандык соттук өндүрүшү боюнча гана жасалган чыгымдарды төлөө үчүн жоопко тартылышат. Эгерде жаш бала киши өлтүрүп койсо, анын ата-энесин түрмөгө камабайт, бирок акчалай компенсацияны төлөгөнгө толук мажбурлоо болушу мүмкүн. Балдар үчүн төмөнкү жарандардын категориясы жоопкерчиликке тартылышы мүмкүн: ата-энелер, камкорчулук жана камкорлук, балдар мекемелеринин, окутуу жана дарылоо мекемелеринин кызматкерлери, башка мекемелер бала укук бузуу учурунда, ал үчүн көзөмөлдөө милдетин аткаргандар.

Тажрыйбалуу милиция кызматкерлеринин айткандары боюнча бүгүнкү күндө жалаң эле үй-бүлөсү жакыр турмушта жашагандардын балдары эле эмес, жетиштүү турмушта жашаган балдар дагы укук бузууларды, кылмыштарды жасап жатышкандыктары  турмушубузда арбын эле кездешип жатат. Ошондуктан бала убакыттарын кандай жана кимдер менен өткөрүп жатат, кимдер менен социалдык тармактарда пикирлешип жатат, ушул жагдайларга улуулар дайма көңүлдөрүн буруп туура жолдомо берип турушу зарыл.

Жогорудагы айтылган ойлорго психологдор дагы кошулууда. Анткени балдар өспүрүм кезинде, алардын коркуу сезими абдан эле төмөндөп, жоопкерчирик туралуу ойлонушпай калышат. Бир катар өспүрүмдөр кылмыш жасоо бул героизм деп ойлошот. Ушул куракта баланын денесинде адреналин ойноп, коркуу туюму жоголуп, жоопкерчиликке маани бербей калышат. Өспүрүм куракта баланы өз алдынча койбой убакытты туура жана натыйжалуу пайдаланышына дайыма көзөмөл жүргүзүү зарыл. Чындыгында тентек бала дароо эле байкалып турат. Ал окууга көп кызыпкпайт, башка балдар менен урушуп-талаша берет, ал эмес улууларга дагы орой мамиле жасайт. Мындай балдардын жүрүш-турушу мыйзамдарды бузуга алып келиши толук ыктымал. Улуулар өспүрүмдөрдү өз убагында көзөмөлдөбөсө, алар балдарды жат көрүнүштөрдөн сактап калуу мүмкүнчүлүгүнөн ажырап калышат. Ошол себептен балдарга мамиленин туура жолдорун табуу зарыл. Балдарга, алардын ата-энелери кандай талыкпай эмгектенип, үй-бүлөсүн багып жатканы түшүнүктүү болушу керек. Балдар дагы ата-энелерине жардамдаш болушу керектигин түшүнүшү зарыл. Ар бир үй-бүлөдө үлгүлүү жашоо образынын болушу (мисалы үчүн: эчким менен урушуп талашпай жакшы мамиледе болуу, эчкимдин буюмун суроосуз албоо, коомдук жана башка жерлерде тартипти бузбоо ж. б.) гана балдарды жат көрүнүштөрдөн алыс болушун камсыздаары шексиз экени барыбызга белгилүү.

**Төртүнчү суроо:** *Эгерде кээ бир чоң эле адам алдоо жолу менен 14 жашка толо элек баланы кылмыш жасаганга тартса кандай болот?*

**Жооп:** Ал чоң адам 18 жашка толгон же андан ашкан болсо, ал жаш бала жасаган кылмыш үчүн кылмышты аткаруучу катары жоопкерчиликке тартылат. Андан башка ал жаш баланы алдап кылмыш жасаткандыгы үчүн дагы бир

өзүнчө берене менен жоопкерчиликке тартылат. Жыйынтыгында сот ал чоң адамды эки кылмыштын жыйындысы менен кылмыш жазасына тартат. Ал эми жаш бала кылмыш жообуна биз жогоруда белгилеп кеткендей өсүп жетиле электигине байланыштуу жазага тартылбайт, аны менен түшүндүрүп тарбиялоо гана иштери милиция кызматкерлери, педагогдор, ата-энелер жана мыйзамдуу өкүлдөр тарабынан жүргүзүлөт.

**Бешинчи суроо:** *Кылмыш жасоодон ыктыярдуу баш тарткан учурда кандай болот?*

**Жооп:** Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси боюнча эгерде мындай кылмышты аягына чейин жеткирүү мүмкүндүгүн түшүнүп турса дагы, адам өз эрки менен кылмышка даярдык көрүүсүн же кылмышка аракеттенүүнү толук токтотуусу, кылмыш жасоодон ыктыярдуу баш тартуу деп таанылат. Кылмыш жасоодон ыктыярдуу баш тарткан адам жазык жоопкерчилигине тартууга жатпайт. Адам иш жүзүндө жасаган жосуну кылмыштын башка курамынын бегилерин камтыган учурда гана жазык жоопкерчилигине тартылат. Муну мындай түшүнүүгө болот. Мисалы үчүн бир адам каракчылык жасаш үчүн кесилген мылтыкты алып, бирок көчөгө чыккандан кийин ойлонуп каракчылык жасагандан өзүнүн ыктыяры менен баш тартат. Ал каракчылык үчүн жоопкерчиликке тартылбайт, бирок кесилген мылтыкты мыйзамсыз алып жүргөндүгү үчүн сөзсүз түрдө жоопкерчиликке тартылат.

# 5. ГЛАВА

## 14 ЖАШТАН БАШТАП ЖООПКЕРЧИЛИККЕ КИРИПТЕР КЫЛЫНА ТУРГАН КЫЛМЫШТАР

Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси негизги эки бөлүктөн: жалпы жана өзгөчө бөлүктөрдөн турат.

Беш бөлүмдөн турган **жалпы бөлүктө** Кылмыш-жаза кодексинин максаттары, принциптери, жаза мыйзамдарын колдонуу принциптери, кылмыш түшүнүгү, анын түрлөрү, жазанын түрлөрү жана максаттары, жана башкалар каралган.

Алты бөлүмдөн турган **өзгөчө бөлүктө** мыйзам менен жаза чаралары каралган конкреттүү кылмыштар жөнүндө айтылган. Өзгөчө бөлүктүн ар бир беренеси эки бөлүктөн: кылмыш жөнүндө айтылган <u>белгилери (диспозиция)</u> жана жаза чаралары жөнүндө айтылган <u>санкция</u> бөлүгүнөн турат.

Мурдакы главадан биз кылмыш жоопкерчилиги ар кандай жасалган кылмыштар үчүн 16 жаштан баштала тургандыгын билгенбиз. Бирок, Кылмыш-жаза кодексинин 28-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык (кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартылуу курагы), **14 жаштан эле жоопкерчиликке тартыла турган оор кылмыштар көрсөтүлгөн бир катар беренелер бар, аларга төмөнкүлөр кирет:**

- киши өлтүрүү (122-берене);
- ден соолукка оор зыян келтирүү (130-берене);
- ден соолукка анча оор эмес зыян келтирүү (131-берене);
- адамды уурдоо (165-берене);
- зордуктоо (154-берене);
- сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттери (155-берене);
- уурдоо (205-берене);

- тоноо (206-берене);
- каракчылык (207-берене);
- опузалап талап кылуу (208-берене);
- автомототранспорт каражатын айдай качуу (211-берене);
- башка бирөөнүн мүлкүн жок кылуу же бузуу (216-берененин 2 жана 3-бөлүктөрү);
- террордук актысы (252-берененин 2 жана 3-бөлүктөрү);
- барымтага алуу (257-берене);
- бейбаштык (280-берененин 2-бөлүгү);
- адамдарды соодалоо (166-берене);
- атуучу куралды уурдоо, же опузалап алып коюу (271-берене);
- баңгизат каражаттарын, психотроптук заттарды уурдоо, же болбосо опузалап алып коюу (286-берене);
- баңгизат каражаттарын, психотроптук заттарды жана алардын аналогдорун сатып өткөрүүү максатында мыйзамсыз даярдоо (282-берене);
- транспорт каражаттарын же каттоо жолдорун жараксыз абалга келтирүү (314-берене).

Көрдүңбү, азиз досум, кылмыштардын жайырма түрү бар, анын ичинде, юридикалык тил менен айтканда, кылмыш жазасына тартыла тургандыгын сен ойлоп да койбогон, бирок күндөлүк турмушта жолуга турган кылмыштар да бар.

Алардын ичинде жаштар арасында өтө кеңири тараган сатып өткөрүү максатында баңги жана психотроптук заттарды мыйзамсыз даярдоо, сатып алуу, сактоо, ташуу, жөнөтүү сыяктуу кылмыштын түрлөрү бар. Бир караганда чөптү, мисалы, кендирди чогултуп, кургатып, өзүң тартып жана досторуңа бергенден, башка окуучуларга таратканың кандай кылмыш болушу мүмкүн деп ойлойсуң. Бирок, сен эми 14 жашка чыксаң, мындай кылмыш аракеттери үчүн кылмыш-жаза кодексинин **282-беренесине (1, 2, 3,**

**бөлүктөрү боюнча) “Баңгизат каражаттарын, психотроптук заттарды жана алардын аналогдорун сатып өткөрүү максатында мыйзамсыз даярдоо”** ылайык жоопкерчиликке тартуу каралган:

1. Баңгизат каражаттарын, психотроптук заттарды жана алардын аналогдорун сатып өткөрүү максатында мыйзамсыз даярдоо, сатып алуу, сактоо, ташуу, жөнөтүү, ошого тете мыйзамсыз өндүрүү же сатып өткөрүү, – мүлкүн конфискациялоо менен беш жылдан сегиз жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

2. Төмөнкүдөй жасалган ошол эле жосундар:

а) адамдардын тобу тарабынан;

б) алдын ала бүтүм боюнча адамдардын тобу тарабынан;

в) ири өлчөмдө, – мүлкүн конфискациялоо менен сегиз жылдан он эки жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

3. Ушул берененин 1 же 2-бөлүгүндө каралган, өзгөчө ири өлчөмдө жасалган жосундар, ошого тете баңгизат каражаттарын, психотроптук заттарды жана алардын аналогдорун балага сатуу, – мүлкүн конфискациялоо менен он эки жылдан он беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

Ушул беренеде каралган кылмышты жасаган адам баңгизат каражаттарын, психотроптук заттарды же алардын аналогдорун ыктыярдуу өткөрүп берсе жана баңгизат каражаттарын, психотроптук заттарды же алардын аналогдорун мыйзамсыз жүгүртүү менен байланышкан кылмыштардын бетин ачууга же аларды болтурбоого, аларды жасаган адамдардын бетин ачууга, кылмыштык жол менен алынган мүлктү табууга көмөк көрсөтсө, ушул беренеде каралган жосундар үчүн кылмыш-жаза жоопкерчилигинен бошотулат.

Адамды кармаганда, ошондой эле аларды табуу жана алып коюу боюнча тергөө амалдары жасалганда баңгизат каражаттарын, психотроптук заттарды же алардын аналогдорун өткөрүп берүү ыктыярдуу деп таанылбайт.

Көп эле балдар киши өлтүрүү менен өлүмгө алып келген ден-соолугуна атайылап оор залал келтирүүнүн ортосунда кандай айырма бар экендигин сурап калышат. Бул эки кылмыштын тең натыйжасы бир – экөөндө тең жабырлануучу өлүмгө дуушар болот. Бирок мунун айырмасы мында, биринчи учурда жабырлануучу кылмыш болгон жерде дароо каза болот, экинчисинде ал кандайдыр бир убакытка жашайт, ага жардам берүүгө болот.

Балдар көп учурда тоноо менен каракчылык сыяктуу кылмыштардын айырмасын дагы ажыратып биле алышпайт. Биринчисинде мүлк ачык эле алынат (башкача айтканда, уурдоодон айырмаланып, кылмышкер анын жасаган ишин башкалар көрүп турганын билсе да токтобой, баары бир кылмышка барат). Тоноо убагында, көп учурда зомбулук колдонулат, бирок ал жабыр тартуучунун өмүрүнө жана ден соолугуна коркунучтуу болбошу мүмкүн. Ал эми каракчылыкта жабыр тартуучунун өмүрүнө жана ден соолугуна коркунуч келтирилген же андай зомбулукту колдоном деп коркутуу менен сөзсүз түрдө зомбулук кол салуу менен колдонулат. Петя менен Болот балдардын акчасын тартып алган мисалды карап көрөлү. Бул тоноо экендигин билебиз, эгерде биздин бул эки дос бычак алып чыгып, балдарды коркуткан болсо, анда ал каракчылык болмок. Биз уурулукка кандай учурда туш болобуз? Эгер жогоруда келтирилген мисалда балдар акчаларын кумдун үстүнө таштап коюп, ал эми Петя менен Болот тигилер аны көргөн жок деп ойлоп аны жашыруун алып кетишсе, бул жосун уурулук катары каралмак.

Тоноодо жана каракчылыкта бир гана максатты – бирөөнүн мүлкүн ээлеп алууну көздөгөн зомбулук менен коркутуу колдонулат. Ал эми алардын ортосундагы айырма: тоноодо мүлк сөзсүз ачык түрдө алынат, ал эми каракчылыкта жабырлануучуну мүлкүн кол салып коркутуу учурунда өзү беришин талап кылат. Каракчылык кылмышы зомбулукту колдонуп кол салган учурдан баштап аякталган кылмыш болуп эсептелинет, кол салуучу жабырлануучунун мүлкүн алып кеттиби же албай кеттиби андан көз каранды болбойт. Демек, кол салуучу бирөөнүн мүлкүн алып кетпесе деле каракчылык аякталган кылмыш болуп эсептелет жана кол салуучу каракчылык беренеси менен толук кылмыш-жазасына тартылат.



Рисунок 6

Турмушта коп кезиккен сабак болуш үчүн дагы бир кылмыш тууралуу айтып кетсек ашык болбос. Өтүп бара жаткан поезддин же машинанын терезесине таш ыргытууну жакшы көргөндөр да ойлонуп жана туура жыйынтык

чыгаруулары зарыл. Анткени мындай кылмыш Кылмыш-жаза кодексинин 314-беренесинде ал **“Транспорт каражаттарын же каттоо жолдорун жараксыз абалга келтирүү”:**

1. Этиятсыздыктан олуттуу залал келтирүү менен транспорт каражаттарын, каттоо жолдорун, сигнал берүү же байланыш каражаттарын, же болбосо башка транспорттук жабдууларды бузуу, талкалоо же башка ыкма менен пайдаланууга жараксыз абалга келтирүү, ошого тете транспорт коммуникацияларына бөгөт коюу, – эки жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен 200-дөн 500 эсептик көрсөткүчтөргө чейин айып салууга жазаланат.

2. Этиятсыздыктан оор залал келтирген ошол эле жосун, – 500-дөн 1000 эсептик көрсөткүчтөргө чейин айып салууга же эки жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен же аны колдонбостон беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

Дагы бир жазага кириптер кылынбай тургандай көрүнгөн жосун жөнүндө айтсак, ал – **вандализм**. Кыргыз республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 281-беренесинде көрсөтүлгөндой вандализм – бул мамлекет тарабынан корголуучу тарыхый, маданий эстеликти же болбосо табигый объектти жазуулар, сүрөттөр же башка ыкма менен булгоо, ага тете эле транспортто же башка коомдук жерлерде мүлктү бузуу, – 200-дөн 500 эсептик көрсөткүчкө чейин айып салууга же болбосо кырктан жүз саатка чейин коомдук иштерге, же алты айдан бир жылга чейинки мөөнөткө эркиндигин чектөөгө жазаланат. Ал эми биз шаарлардан жана айылдардан мындай “көркөм

чыгармачылыктарды” көп эле көрөбүз. Балдар “мындай сыр, бор, көө, ал эми көп учурда аэрозоль баллондорун” көтөрүп жүргөндөр, андай жосундар үчүн жоопкерчилик 16 жаштан баштала тургандыгын ойлонуулары керек.

Биз бул китептен балдарга карата сот иштеринде өтө кыйла көп жолуга турган Кылмыш-жаза жана Укук бузуулар жөнүндө кодекстеринин бир нече беренелерин карап көрдүк, бирок ушулардан эле тийиштүү тыянак чыгарып жана жаман жосундарды, болгондо да кылмыш жасабоо үчүн жетиштүү деп ойлойбуз.

Төмөндө, биз Чүй областынын Панфилов районундагы Вознесеновка айылындагы ВК-14 тарбиялоо колониясында жазасын өтөп жаткан балдар жасаган кылмыштарды, алардын себебин жана жагдайларын мисал катары келтиребиз.

Жазасын отоп жаткан балдар 1997-жылкы Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза кодекси боюнча сот жообуна тартылышкан **(1997-жылкы кодекс 2018-жылдын 31-декабрына чейин күчүндө болгон).**

Алар менен аңгемелешүү учурунда биз алардан төмөнкүдөй суроолорго жооп алууну кааладык:

- кыскача анкеталык маалыматтары;
- кылмыш жасоонун себеби;
- кылмыш жасоонун жагдайы;
- жасаган кылмышы үчүн өкүнөбү;
- кылмышты болтурбай коюуга (соттолгон баланын көз карашы боюнча) болот беле;
- кылмыш жасоонун себебин аныктоочу башка жагдайлар.

## Соттолгон балдар менен болгон аңгемелешүү учурунда алынган жооптор өзгөртүүсүз жана кошумчасыз берилди

**1-мисал.**

1. В. П. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 129-беренесинин 2-бөлүгү (зордуктоо) боюнча тогуз жылга эркиндигинен ажыратылган. Ал атасы жана өгөй энеси менен жетиштүү шарта жашаган. Үй-бүлөдө төрт бала – эки эркек, эки кыз бар эле. Атасы шофер, энеси ар кандай жумушта иштечү. Үй-бүлөдө өзгөчө контроль жок болгон, мектепте окуучу, өгөй энесин сыйлачу, бирок ар дайым аны өз энесиндей көрчү эмес. Дискотекаларга барып жүргөн, баңги заттарына кызыкчу эмес, достору менен спирт ичимдиктерин татып көргөн, бирок майрамдарда гана ичип койчу. Атасы аны көп деле урчу эмес, бирок андан коркчу, анткени мектепте, көчөдө жасаган жаман иштери жөнүндө аны менен катуу сүйлөшчү.

2. Кылмыштын себеби: дене кумарын кандыруу.

3. Ал кыз менен достук мамиледе болгон. Бирок бир курдай В. П.-га бош квартиранын ачкычы колуна тийип калат, ошондо ал кызды чакырып, аны менен жыныстык катнаш жасоо оюна келет. Көп өтпөй ал кыз менен квартирада жолугушат. Спирт ичимдигин ичип алгандан кийин, кызга айткан анын жакындашууга болгон сунушу четке кагылгандан кийин В. П. аны зордуктоону чечет да, коркутуу менен өз ишин бүтүрөт.

4. В. П.-нын айткандары боюнча, адегенде ал ата-энесинен, бир туугандарынан абдан уялып жүрдү. Убактылуу кармоо изоляторунда жатканда ал өгөй энесинин тилинен коркуп, аны менен жолугушкусу келген эмес. Жабыр тарткан кызды аяган да жок. Аны менен камерада чогуу жаткан киши ага: “Эгерде сенин карындашыңды бирөө

ушинтип зордуктап кетсе эмне кылат элең", – деген суроо берет. Ошондо В. П. жооптун ордуна аны менен мушташа кете жаздаган. Азыр В. П. бойго жетип, өзүнүн жасаган ишине өтө өкүнөт. Камерада чогуу жаткан кишинин сөздөрүн эстеп, ал жабыр тарткан кызга моралдык да, психикалык да зыян келтиргендигин моюнга алат. Соттолгондор менен моралдык-этикалык темада аңгемелешкен мугалимдердин кеңеши боюнча В. П. жабыр тарткан кызга кечирим сурап кат жазганы жатат.

5. В. П. кылмышты болтурбай койсо болот эле деп эсептейт. Бул үчүн ал кыз менен бирге спирт ичиндигин ичпеш керек эле, жаман ишке барбаш үчүн ал кызды квартирага чакырбаш керек эле.

6. Экинчи жагынан алганда, В. П.-нын айтканы боюнча, ал кылмышты жасоого видеофильм түрткү болгон, аны көргөндөн кийин чет өлкөдө бардыгын жасаса болот, эмне үчүн бизде болбосун деген ой келген. Анын үстүнө, андай мамиле жөнүндө классташтары көп айтышчу, ошондуктан В.П. өзү да сынап көрмөкчү болгон.

**2-мисал.**

1. Т. уулу М. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 129-беренесинин 3-бөлүгү (зордуктоо) боюнча 13 жылга эркиндигинен ажыратылган. Ал ата-энеси менен чогуу жашоочу, окуган же иштеген эмес.

Үй-бүлөдө андан улуу эки агасы, бир эжеси жана иниси бар. Атасы бухгалтер, энеси эч жерде иштебейт.

Т. уулу М. үйдө ата-энесинин ар кандай тапшырмаларын аткарчу. Ата-энеси ага анча деле контролдук кылчу эмес, болгону үйгө убагында келсе болду. Кээде Т. уулу М. ата-энесинен жашырып балдар менен ичкилик ичип койчу, ата-энеси аны билбей калсын деп алардан жашырынып, көрсөтчү эмес. Достору андан жашы боюнча улуу эле.

2. Кылмыштын себеби: өзүнүн кызыкчылыгын канааттандыруу.

3. Балдар менен спирт ичимдигин ичкенден кийин Т. уулу М. бир кыз менен жакындашууну чечет, бирок кыз макул болбойт. Андан кийинкиси эсинде жок, анткени ал өтө мас болчу. Кыз милиция кызматкерлерине билдирген жана Т. уулу М. ал кыздын үйүнөн кармалган.

4. Убактылуу кармоо изоляторунда Т. уулу М. өзү жасаган кылмыштын залалдарын моюнга алгысы келген эмес, бирок колонияда бардыгын талдап көрүп, кызды канчалык мазактагандыгын түшүнүп, өтө өкүнгөн. Айылдаштары андай жаман окуяны уккандан кийин анын ата-энесине өтө жаман сөздөрдү айтышкан.

5. Т. уулу М.-нын айтымына караганда, эгерде балдар менен ичкилик ичкенден кийин кыздын үйүнө барбай койсо, кылмышты болтурбай коюуга болор эле жана мындай окуяга арак күнөөлүү деп эсептейт.

**3-мисал.**

1. А. Е. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 97-беренесинин 2-бөлүгү (киши өлтүрүү) боюнча 12 жылга эркиндигинен ажыратылган.

А. Е. энеси менен жашаган, үй-бүлөдө беш бала бар эле. Жакшы окуучу, бирок сабакка көп барбай койчу, ушунун кесепетинен жөндөмдүү болгону менен класстан көчпөй калган.

Энеси контролдук кылуучу, бирок атасынан контроль болгон эмес. Үй-бүлөдө финансы жагынан өтө кыйынчылыктар бар эле. Коомдук жайларга, дискотекаларга барчу эмес. Үйдөгү чарба иштеринин бардыгын аткарчу, электр жагын, сантехниканы өзү оңдоп, тамак жасачу. Кээде арак ичкени менен, баңги заттарды колдончу эмес. Бирок

энеси анын үйгө кызуу абалында келгенин бир да жолу көргөн эмес.

2. Кылмыштын себеби: мушташуу киши өлтүрүүгө алып келген.

3. Мас абалындагы бир топ балдар чоң киши мазактап жаткан өспүрүм балага болушкан. Бири бирине айтылган жаман сөздөн улам мушташ чыгып, мунун кесепетинен ал киши төрт баланын колунан өлгөн, алар аны бут менен тээп, кирпич менен уруп, муунтушкан.

4. А. Е.-нин сөзүнө караганда, адегенде өтө корккон эмес, кийин өкүм угулгандан соң, бардыгын түшүнгөн, эми аны мөөнөттүн узактыгы коркутат. Болгон окуяга өтө өкүнөт.

5. А. Е. кылмышты болтурбай койсо болот эле деп эсептейт. Бул окуя мас болгондуктан, ошол убакта балдардын тобуна кошулгандан жана энесенин айткандарына маани бербегендигинен болуп кеткенине өтө өкүнөт.

**4-мисал.**

1. Н. Д. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 129-беренесинин 1-бөлүгү (зордуктоо), 97-беренени 1-бөлүгү (киши өлтүрүү) боюнча 14 жылга эркиндигинен ажыратылган. Н. Д. ата-энеси менен бирге жашачу, бирок соңку эки айда ал чоң энесиникине кеткен, анткени колледжке өтүп окуй баштаган. Достору деле көп эмес болчу, убактысынын көбүн үйүндө өткөрчү, жакшы окуучу. Спирт ичимдиктерин аз колдончу, баңги заттарды пайдаланган эмес. Ата-энеси анын жүрүш-турушуна такай көз салып турушчу.

2. Киши өлтүрүү жана зордуктоо үчүн Н. Д.-да эч кандай себеп жок эле, бирок жабыр тартуучунун катуу мас болгондугунан пайдаланып, аны менен жыныстык катнашка барган, андан кийин кылган кылмышынын изин жашыруу үчүн аны бөтөлкө менен башка урган.

3. Н. Д. чоң энеси менен бирге дүкөнгө барып, ал жерден эки аялды жолуктурган, алар чогуу ичкилик ичүүнү сунуш кылышкан. Спирт ичимдигин көп ичип алгандан кийин Н. Д., чоң-энеси жана аялдардын бири эс алууга жаткан. Аялдын алсыздыгынан пайдаланып, Н. Д. аны зордуктаган, ал эсине келе баштаганда аны бөтөлкө менен башка урган. Ал аял ошол жерден жан берген, аны Н. Д. билген эмес. Н. Д. мас болгону менен аялды өлтүрүү максатын көздөгөн эмес эле.

4. Н. Д. болгон окуяга өтө өкүнөт, кейийт, ал түгүл өзүн өзү өлтүрүү жөнүндө ойлогон, бирок аны менен тарбиячылар, мугалимдер, устаттар аңгемелешүү өткөргөн.

5. Соттолгон баланын ою боюнча, кылмышты болтурбай койсо болмок. Ал үчүн тааныш эмес өзүнөн улуулар менен спирт ичимдигин ичпей койсо болмок.

Бул окуяда Н. Д. эми аял эсине келип, милицияга билдирет деп жасаган кылмышы үчүн корккондон улам бөтөлкө менен башка урган.

